**Майлуу- Суу шаардык билим берүү бөлүмү**

# 2018-2019 окуу жылында №8 жалпы билим берүү орто мектебинин өзүн-өзү баалоо боюнча отчёту

**Майлуу- Суу шаары**

**МЕКТЕПКЕ ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨ**

- **Юридикалык жактын аталышы:** №8 жалпы билим берүү орто мектеби
- **Менчиктин түрү:** мамлекеттик
- Юридикалык жакты мамлекеттик кайра каттоо күбөлүктүн номуру: 90787-3303-У-е
- **ИНН:** 03007200210147
- **Жайгашкан жери:** Кыргыз Республикасы, Жалал- Абад областы, Майлуу-Суу шаары, К.Саматов көчөсү номуру жок.
- **Объектинин профили:** билим берүү мекемеси
- **1987-жылы орто мектеп болуп ачылган.**
- **Объектинин иштөө режими:** аптада 6 күн (дүйшөмбү- ишемби) саат $8^{00}$-$18^{30}$ чейин.
- **Объектинин жайгашкан орду жөнүндө мүнөздөмө:**
  - Мектеп шаардын борборунан 1 км. алыстыкта жайгашкан.
  - Деңиз деңгээлинен 1300 метр бийиктикте жайгашкан.
  - Мектеп шаардын борборунда жайгашкан.
  - Мектептин айланасы тосулган.
  - Мектепке кирүү жана чыгуу запастык эшиктери бар.

**Негизги штаттык бирдиктер:**

Мектеп администрациясы - 4:

- директор -1,
- директордун окуу-тарбия иштери боюнча орун басары - 1,
- класстан жана мектептен тышкаркы иштердин уюштуруучусу -1,
- китепканачы -1.

(АЧД мугалими-1, соц.педагог-1, кружок жетекчилери- 8)

Педагогдор -15

Техкызматкерлер - 10

**Имараттардын саны жана имараттарга мүнөздөмө:**

**Имараттардын жалпы аянты:** 4121,7 $м^2$

- Мектеп типтүү, бир окуу корпусунан турат.

- Окуу корпусу 1987-жылы курулган. Фундаменти бетон, дубалдары кирпич, чатырынын конструкциясы жыгач, шифер менен жабылган. Мектеп борбордук жылытуу системасы менен жылытылат.
- Мектептин жалпы сыйымдуулугу 624 окуучуга ылайыкталган.

Окуу кабинеттери- 24, мектеп администрациясынын кабинеттери - 3, усулкана - 2, ашкана-1.

**1-10-класстардын окуучуларынын саны жана класс комплектиси:**

Окуучулар негизинен Майлуу- Суу шаарынын тургундарынын уул-кыздары.

- 1 – 4 – класстарда 88 окуучу
- 5 – 9 - класстарда 90 окуучу
- 10 - класста 10 окуучу

Жалпы: 188 ( бир жүз сексен сегиз) окуучу.

Окуу жылдын башталышындагы класс комплекти- 10

- 1-4-класстарда 4 класс
- 5-9-класстарда 5 класс
- 10-11-класстарда 1 класс

Класстарда орточо 20 окуучудан окуду.

- Даярдоо классында 23 бала тарбияланды.

**БАШКАРУУ ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ**

Мектепте билим берүү тармагындагы мамлекеттик саясаттын принциптери сакталды. Билим берүү процессинин максат жана милдеттери аныкталып, жарандардын жалпы орто билим алуусу камсыздалган. Окутуунун күнүмдүк түрү ишке ашырылды.

- Окутуу мамлекеттик жана расмий тилдеринде жүргүзүлүп, бир сменада окутулду. Мекемени башкаруу жалпы билим берүүнүн сапаттуулугуна жана жеткиликтүүлүгүнө багытталган, өзүн-өзү башкаруу принциптеринин негизинде ишке ашырылды. Мектепти түздөн-түз башкаруу мектептин директору Мамырбаева Алтынбү Калыкеевна, окуу-тарбия иштери боюнча орун басары Алчынбаева Наима Надировна, класстан жана мектептен тышкаркы иштердин уюштуруучусу Ирсалиева Жибек Абдимамытовна жана кесиптик уюмдун төрагасы Маматназаров Эргешбай Маматумарович тарабынан ишке ашырылды.

Бардык кызмат орундары үчүн кызматтык инструкциялар бар, билим берүү процессинин катышуучуларынын укук жана милдеттери бири-бири менен макулдашылган. Билим берүүнү башкаруу алкагында мектепте камкорчулар кеңеши, педагогикалык кеңеш, ата-

энелер комитети иш алып барды. Көптөгөн маселелер жалпы мектептик жана класстык ата-энелер чогулушунда, жалпы мектептин ата-энелер комитетинде, директор менен өткөрүлгөн кеңешмелерде, административлык кеңешмелерде ишке ашырылды, каралган маселелерди чечимдер тастыктады. Балдардын жана өспүрүмдөрдүн ийгиликтүү социалдашуусун, өзүн-өзү өркүндөтүүсүн шарттоо максатында төмөнкүлөр иш алып барылды:

- Психологиялык кызмат
- Социалдык кызмат
- Окуучулардын өз алдынча башкаруусу "Сейтек", "Семетей", "Манас" уюмдары
- ШИИБ
- Мектептин парламенти, алөз кезегинде башка министрликтердин ишмердүүлүгүн көзөмөлдөдү:
  - Тазалык министрлиги
  - Маданият министрлиги
  - Ден- соолук жана спорт министрлиги
  - Билим берүү министрлиги

Мектептин алдына коюлган милдеттерди аткаруу үчүн, жеке эле ички ресурстар эмес, шаардын билим берүү процессине таасир этүүчү мүмкүнчүлүктөрү колдонулду. Мектеп ШИИБ, шаардык китепкана, шаардык балдар чыгармачылык үйү жана шаардык балдардын экология, край таануу, туризм жана техникалык чыгармачылык борбору менен тыгыз иш алып барды.

Мекемеде жалпы билим берүү жана окуучулардын контингентин сактоо тармагындагы КР мыйзамдары сакталды. Жынысы, улуту, тили, жашаган жери, тууган-уругу, динге мамилеси, көз караштары, коомдук уюмдарга кирип-кирбегендиги, жашы, ден-соолугу, социалдык, мүлктүк жана кызматтык абалына карабастан билим алуу мүмкүнчүлүгү камсыздалды. Жалпы билим алуудагы жарандардын укуктары тебеленген учурлар мектепте болгон жок. Мектеп тарабынан окуучуларга жалпы билим берүү үчүн акы алынбайт. Бултерриторияда жашап жана тиешелүү деңгээлдеги билим алууга укуктуу болгон бардык жарандар мектепке кабыл алынды. Кабыл алуу учурунда администрация милдеттүү түрдө окуучуну жана ата-энесин мектептин Уставы жана жалпы билим берүүпроцессин уюштуруучу башка документтер менен тааныштырды. 1-класска 6,7 жаштагы балдар кабыл алынды. Мектептен чыгарылган учурлар катталган жок. Шаарда мектеп жашында болуп, бирок мектепке тартылбаган балдар жана өспүрүмдөр жок. Мектеп кесиптик багытталуу алкагында Кыргызстандын ЖОЖдору, Майлуу-Суу шаардык медколледжи, Майлуу-Суу шаардык кесиптик колледжи, Борбордук Азия колледжи жана №76 кесиптик лицей менен ийгиликтүү иш алып барды.

Азыркы учурда мектеп алдында түзүлгөн кеңеш, бирикмелердин реалдуу башкарууга катышуу үчүн ыйгарым укуктарына көңүл бөлүндү. Алсак;

- педагогикалык кеңеш
- усулдук бирикме
- камкорчулар кеңеши
- билим берүү процессинин катышуучулары арасында тартышууларды чечүүчү конфликттик комиссияны уюштуруу
- профилактика кеңеши
- бирдиктүү маалыматтык базаны түзүү, бул учурда бардык катышуучулар арасында билим берүү мамилелердин жаңы системасына айлантуу
- окуучулардын кызыкчылыгын өнүктүрүүгө багытталган билим берүү программаларына жана ишмердүүлүктүн формаларына киришүү (социалдык өнөктөштүк проектилери)

## МЕКТЕПТИН НЕГИЗГИ МАКСАТТАРЫ, АЙЫРМАЛООЧУ ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

2019-2020- окуу жылында №8 жалпы билим берүү орто мектебинин педагогикалык коллективи төмөнкү тема астында иш алып барды: Окуучулардын билим жана тарбия алуусунда жеке инсанга багытталган мамиле.

**Мектептин максаты:** Окуучуларга билим берүүдө жаңылануу багыттарын изилдөө, билим сапатын жогорулатуу, адептүү жана ыймандуу болууга тарбиялоо.

**Мектептин миссиясы:** “№8 жалпы билим берүү орто мектеби жалпы орто билим берүү мекеме болуу менен бирге башталгыч, негизги жана жалпы орто билимди тереңдетип берүүгө багытталды. Ата- энелер, коомчулук менен тыгыз байланышта иштөө менен азыркы коомдо натыйжалуу иштөөгө жөндөмдүү, руханий дүйнөсү бай, элдик маданиятты сүйгөн, жашоодо өз ордун таба билген, ар тараптуу өнүккөн инсанды тарбиялоо. Алган билимдерин турмушта, жашоодо туура пайдалана билүүгө үйрөтүү. ”

**Мектептин милдеттери:**

- Окуучуларга сапаттуу билим, татыктуу тарбия берүү.
- Заманбап билим берүү саясатынын негизинде, билим берүү ишмердүүлүгүнүн мазмунун жаңылоо.
- Окуучулардын билимге болгон кызыгуусун арттырып, ой- чабыттарын өстүрүүдө инновациялык усулдарды колдонуу.
- Өзгөчөлөнгөн таланттуу окуучулар менен иштешүү системасын түзүү.
-Комплекстүү психологиялык-педагогикалык, социалдык-медициналык кам көрүүнү уюштуруу.
-Билимдин сапаттуулугун жөнгө салуучу мектеп ичиндеги системаны толуктоо жана тактоо.
-Билим берүү процессинин бардык тармактарында информациялык-коммуникативдик технологияларды колдонуу.
- Билим берүүдөгү тарбия функциясын жогорулатуу үчүн маданият жана өндүрүш мекемелери менен байланышты күчөтүү.

## БИЛИМ БЕРҮҮ ИШМЕРДИГИНИН НЕГИЗГИ БАГЫТТАРЫ

№8- жалпы билим берүү орто мектеби бардык нормативдерди аткарды: стандарттык нормативдерге жана эрежелерге жооп берди, санитардык-гигиеналык нормаларды аткарды, окуучулардын жана кызматкерлердин ден-соолугуна кам көрдү.

Уставга ылайык, жалпы орто билим берүүнүн 3 кадамы аркылуу мектеп ишмердигин аткарды:

- биринчи кадам - башталгыч билим берүү (кабыл алуунун нормативдик мөөнөтү- 4 жыл)
-экинчи кадам- негизги жалпы билим (кабыл алуунун нормативдик мөөнөтү- 5 жыл)
-үчүнчү кадам– жалпы орто билим (кабыл алуунун нормативдик мөөнөтү- 2 жыл)

КР нын Билим берүү жана илим министрлигинин 2020-жылдын 11-майындагы №362/1 буйруктун негизинде 1-4,5-8, 10-класстарынын окуучуларынын кийинки класска көчүрүлдү. 2019-2020- окуу жылы үчүн жыйнтыктоочу мамлекеттик аттестациясын өткөрүү тартиби жөнүндө Убактылуу жобонун негизинде 9-11- класстын окуучулары жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясын тапшырышты.

Сабактардын жүгүртмөсү окуу планына дал келүү менен окуу 5 күндүк тартипте ишке ашат. Сабак 45 мүнөт өтүлдү. Окуучулар бир сменада окушту.

Окуу процессин уюштурууда сабактардын төмөнкү формалары колдонулду:

- сабактар,
- лекциялар,
- практикалык сабактар,
- консультациялар,
- олимпиадалар,
- конкурстар,
- предметтик жумалыктар,
- ачык сабактар.

**МЕКТЕПТИН МАТЕРИАЛДЫК - ТЕХНИКАЛЫК БАЗАСЫ ЖӨНҮНДӨ МААЛЫМАТ**

| № | **Группа 1** | **Бардыгы (**бар /жок) | Эскертүү |
|---|---|---|---|
| 1 | **Окуу кабинеттери:** | бар | |
| | Кыргыз тил | бар | |
| | Чет тили | бар | |
| | Орус тили | бар | |
| | Тарых | бар | |
| | Математика | бар | |
| | География | бар | |
| | Физика | бар | |
| | Биология | бар | |
| | Химия | бар | |
| | Компьютердик  класс | бар | |
| 2 | Администрациянын бөлмөлөрү (директордун жана завучтардын бөлмөлөрү) | бар | |
| 3 | Ажааткана (ички) | бар | |
| 4 | Китепкана  (китеп фонду/бирдиги) | бар | |
| | Китеп сактоочу жай, архив | бар | |
| | Китеп окуучу зал | бар | |
| 5 | Ылайыкташкан кааналар (лаборатория) | бар | Лаборатор. инвентар. сактоочу жайлар бар |
| | Химия | бар | |
| | Биология | бар | |
| | Физика | бар | |
| 6 | Спорттук аянтча | бар | |
| 7 | Ашкана | бар | |
| 8 | Эмгеккке үйрөтүү каанасы | бар | |
| 9 | Актовый зал | бар | |
| | | | |
| **Жылуулук системасы** | | | |
| Борбордук жылытуу системасы | | Электр тогу, көмүр | |
| Мектептин имаратынын жалпы абалы (эң жакшы, жакшы, канааттандырарлык, начар) | | Канааттан-дырарлык | |
| Санитардык-эпидемиологиялык кызматынын жана өрт өчүрүү көзөмөлүнүн чыгарган жыйынтыгы | | Жакшы | |

**Мектептеги жабдуулар**

| Ресустар | Бардыгы (да/нет) | Саны |
|---|---|---|
| Окуучулар пайдаланган компьютерлердин саны | бар | 14 |
| Принтер | бар | 2 |
| Ксерекс | бар | 1 |
| Интернет | бар | 0 |
| Магниттик доска | бар | 1 |
| Телевизор | бар | 3 |
| Муздаткыч | бар | 1 |
| Электр плита | бар | 2 |

2019-2020- окуу жылына карата кабинеттерге кезектеги ремонт иштери жүргүзүлүп жана демөөрчүлөр аркылуу окуу кабинеттери жасалгаланды. Ошондой эле ата-энелер фонду аркылуу мектеп ашканасына идиштер сатылынып алынды.“ Мерсико” уюму менен мектептин ажаатканаларын оңдоп түзөө иштери боюнча пландар, сметалар түзүлүүдө. Мектептин 20 жылдык бүтүрүүчүлөрүнүн демөөрчүлүктөрү менен спорт зал жана спорт аянтчаларында оңдоп түзөө иштери жүргүзүлдү.

**ОКУУ ПРОГРАММАСЫН КАДРДЫК КАМСЫЗДОО БОЮНЧА МААЛЫМАТ**

<table>
<tr><th>Индикатордун аталышы</th><th colspan="2">Өлчөм бирдиги (киши)</th><th>Эскертүү</th></tr>
<tr><td>Педагогикалык, башкаруучу жана башка кызматкерлер менен комплекттенүүсү</td><td colspan="2"></td><td></td></tr>
<tr><td rowspan="7">Окуу-тарбия иштери боюнча кызмат орундарынын саны</td><td>Директор</td><td>1</td><td rowspan="7"></td></tr>
<tr><td>Окуу иштери боюнча дир. орун басары</td><td>1</td></tr>
<tr><td>Китепканачы</td><td>1</td></tr>
<tr><td>Уюштуруучу</td><td>1</td></tr>
<tr><td>Кружоктун жетекчилери</td><td>8</td></tr>
<tr><td>Социалдык педагог</td><td>1</td></tr>
<tr><td>АЧД мугалими</td><td>1</td></tr>
<tr><td>Ваканттык кызмат орундарынын саны</td><td colspan="2">-</td><td></td></tr>
<tr><td>Мугалим болбогон үчүн окутулбаган предметтердин саны</td><td colspan="2">-</td><td></td></tr>
<tr><td>Берилген тармакта мугалимдин квалификациясы болбой туруп, берилген сабактардын саны</td><td colspan="2">-</td><td></td></tr>
<tr><td>Мугалимдердин сапаттык курамы</td><td colspan="2">16</td><td></td></tr>
<tr><td>Жогорку</td><td colspan="2">12</td><td></td></tr>
<tr><td>- адистер (педагогдук)</td><td colspan="2">16</td><td></td></tr>
<tr><td>Бүтпөгөн жогорку (педагогдук)</td><td colspan="2">2</td><td></td></tr>
<tr><td>Атайын орто (педагогдук)</td><td colspan="2">2</td><td></td></tr>
<tr><td>Орто (жалпы)</td><td colspan="2">-</td><td></td></tr>
</table>

| **Мугалимдердин квалификациясынын жогорулашы** | | |
|---|---|---|
| Акыркы беш жыл аралыгында курстан өткөн мугалимдердин пайызы | 80% | |
| Акыркы беш жыл аралыгында кыска мөөнөттүү (3-5 күн) семинар, тренингдерге катышкан мугалимдердин пайызы | 25% | |
| Ушул окуу жылында насаатчысы бар болгон жаш адистердин саны | 4 | |
| Мектепте иш алып барган усулдук бирикмелердин саны (аталыштарын белгиле) | Башталгыч класстар усулдук бирикмеси | |
| | Гуманитардык багыттагы усулдук бирикмеси | |
| | Тарых, көркөм өнөр, музыка, дене тарбия усулдук бирикмеси | |
| | Так илимдер, химия жана биологияусулдук бирикмеси | |

| **Окуу жылы** | **Мугалимдердин жалпы саны** | **Пенсия жашындагы мугалимдер** | **Жаш адис** | **КР ББжИ минстрлигинин ардак грамотасы** | **«Билм берүүнүн мыктысы » төш белгиси** | **КР президентинин ардак грамотасы** |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 2018-2019-жж. | 16 | 6 | 5 | 2 | 2 | - |

**МУГАЛИМДЕРДИН ИШ НААМАСЫ БОЮНЧА САПАТТЫК КУРАМЫ**

| **Педагогикалык стажы** | **2018-2019-окуу жылы** |
|---|---|
| 5 жылга чейин | 4 |
| 5-10 жыл | 3 |
| 10-15жыл | - |
| 15 жана андан көп жыл | 9 |

Мектеп ишинин маанилүү багыттарынын бири мугалимдердин педагогикалык талантын өрчүтүү максатында квалификацияны жогорулатуучу курстарга катышып, педагогикалык

ишмердүүлүктү үзгүлтүксүз өнүктүрүү, жогорулатуу эсептелет. Ал квалификациясын жогорулатуу курстарынан өтүү системасы аркылуу жүзөгө ашырылат. Бүгүнкү күндө мугалимдердин курамынын 60 % өз билимин жогорулатуу курстарынан өтүп келишти. Андан сырткары шаар ичинде ар кандай уюмдар тарабынан, шаардык билим берүү бөлүмү тарабынан уюштурулуп турган семинарларга, тренингдерге барып катышып да, тажрыйба топтоп келип турушат. Курска катышкан педагогдордун санынын өсүшү- квалификацияны жогорулатуучу курстарга жиберүү графигин сактагандыгында. Көптөгөн мугалимдерге курстар абдан жакты.

2019-2020 окуу жылынын башталышында мугалимдер башталгыч класс, соцпедагог жаңы предметтик стандарттар боюнча өз билимин тереңдетүү курстарында катышышты. Мектепте насаатчы мугалим менен иштешкен жаш кадрлар иштеди. Ар бир жаш мугалим бекитилген план боюнча иш алып барышты жана насаатчылар да план боюнча иш жүргүзүштү. Окуу жылдын этегинде аткарган иши, мектепке кошкон салымы, жетишкендиктери, чыгармачылыгы, жаңылануу, топтогон тажрыйбасы боюнча маалымат берип келишти. Алардын жүргүзгөн иштерин насаатчылар текшерип, багыт көрсөтүп, колдоп турушту.

## КОНТИНГЕНТКЕ МҮНӨЗДӨМӨ, БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОЦЕССИНИН НАТЫЙЖАЛУУЛУГУ

Педагогдордун башкы милдети - ар бир окуучунун ар тараптан өнүгүүсүнө жана индивидуалдуулугунун артышына салым кошуу болуп эсептелинет. Мектеп ишинин заманбап этабында, окутуунун негизги принциби болгон балдардын ички дүйнөсүнө, алардын кызыкчылык жана керектөөлөрүнө, руханий потенциалын байытууга көңүл бөлүндү. Ар бир мугалим " Таланты жок адам болбойт, бирок ошол талантты өзүнөн таап, өздөштүрүп кете албагандар көп" деген негиздеги өздүк жеке педагогикалык концепцияны тандайт.

Балдарды мектепке даяр болуусуна ата-энелер жана келечектеги 1-класстын мугалими кызыкдар. Муну менен катар бардыката-энелер балдардын мектепке даярдануусуна көңүл бурушту. Курчап турган айлана-чөйрө тууралуу маалыматка ээ болбогон балдар мектепке келишти. Ошондуктан 5,6 жаштагы балдарды эртелеп өнүктүрүү максатында,бала бакчага барбаган балдар үчүн, «Наристе» программасы боюнча иштеген бир даярдоо классы ачылган. Бул окуу жылында даярдоо классынын ата- энелери менен биргеликте иш алып барылды.

Жыл боюнча май жана август айларында мектеп жашындагы жана мектеп жашына чейинки балдардын каттоосу жүргүзүлдү. Класстар боюнча балдардын алфавиттик тизмеги, окуучулардын өздүк делолору текшерилип, мектептин социалдык паспорту толтурулуп турулду. Жогорудагыларды ишке ашыруу мектеп ишинин жылдык планы боюнча ишке ашырылды.

**Окуу программасынын китеп жана усулдук материалдар менен камсыз болуусу тууралуу маалымат**

| Индикатордун аталышы | Билим берүү мекемеси% | | |
|---|---|---|---|
| Китептер менен камсыз болушу | 100 % | | |
| Методикалык китептер | 80% | | |
| Адабий китептер | 50% | | |
| Китептер менен 60%дан аз камсыз болгон предметтердин аталышы | 1-4 | 5-9 | 10 -11 |
| | - | - | - |

**Билим берүү мекемеси тарабынан окуучуларга сунушталган кошумча шарттар**

| № | Ишмердүүлүк | Саны | Катышкан окуучулардын %ы |
|---|---|---|---|
| 1 | Спорттук ийримдер | 3 | 30 |
| 2 | Информатика | 1 | 25 |
| 3 | Кол эмгек жана сүрөт | 1 | 25 |
| 4 | Музыка жана бий кружогу | 1 | 25 |
| 5 | Кызыкчылыктары/хоббиси боюнча сабактар | 4 | 60 |

**Окутуу процессине ата-энелердин катышуусу**

Ата-энелер тарабынан түзүлгөн камкорчулар кеңеши: “Акпейил” фонду жыл бою иш жүргүздү. Түшкөн каражаттар мектептин материалдык- техникалык базасын чыңдоо үчүн жумшалды.

Ата-эненин канааттануусунун деңгээли
(ата-энелерди сурамжылоонун орточо жыйынтыгын көрсөтүлөт)

| № | Окутуу процессине канчалык деңгээлде канааттандыңыз? | Жалпы ата-энелердин катышуусу менен | Сурамжылоонун орточо жыйынтыктары |
|---|---|---|---|
| 1 | Мыкты | - | - |
| 2 | Жакшы | + | + |
| 3 | Канаатттандыраарлык | - | - |
| 4 | Начар | - | - |

| № | Төмөнкү пункттар боюнча окутуу процессине канчалык деңгээлде канааттандыңыз: | Орточо балл (1-5 шкала) |
|---|---|---|
| 1 | Окутуу алкагындагы боорукерлик | 5 |
| 2 | Окутуунун сапаттуулугу | 4 |
| 3 | Мугалимдердин квалификациясы | 5 |
| 4 | Окуучулардын сабактарга катышуусу | 4 |
| 5 | Окуучулардын тартиби жана дисциплинасы | 4 |
| 6 | Бардык окуучулардын окутуу процессине тартылуусу | 5 |
| 7 | Мугалимдер тарабынан көрсөтүлгөн кошумча кызматтар | 4 |
| 8 | Окутуу шарттары (имарат, мекеме, тамактандыруу ж.б.) | 4 |

**СОЦИАЛДЫК ӨНӨКТӨШТҮК**

**Билим берүү уюмун өнүктүрүү планын ишке ашыруу алкагында кызматташтык курулган өнөктөш уюмдар.**

Билим берүү уюмун жакшыртуу үчүн аткарылган өнөктөштүк проекттер, иш-аракеттер, демөөрчү болгондор көрсөтүлдү.

| | **Проекттин, демөөрчү болгондор аталышы** | **Проекттин, демөөрчүлүктүн максаты** | **Ишке ашырылган жылы** | **Бюджети (эгер болсо)** |
|---|---|---|---|---|
| 1 | "Мерсико" долбоору, Жергиликтүү башкаруу өкүлч. Демөөрчүлөр. | Мектеп ашканасын оңдоп түзөө | 2018-2019-жж. | 312965<br>148030<br>124302 |
| 2 | "Акпейил" ата-энелер фонду | Класс кабинеттерде ремонттоо иштери жүргүзүлдү. | 2018-2019-жж. | 30000 |
| 3 | Демөөрчүлөр ( 20 жылдык), | Мектеп спорт залын, спорт аянтчаларды оңдоп түзөө жумуштары | 2018-2019-жж | 60000 |

**Чейректер боюнча жетишкендиктин салыштырмалуу анализин жүргүзүү**

№8 жалпы билим берүү орто мектебинин I- II-III-IV чейрек боюнча 2-11- класстардын окуучуларынын билим сапатын салыштырууда класстарда өзгөрүүлөр бар экени белгилүү болду. 2-11- класстардын окуучуларынын билим сапатын төмөндөгү динамикалык таблицадан көрүүгө болот.

**Окутуу - тарбиялоо процессинин анализи, ар кандай формадагы текшерүүлөрдүн жыйынтыгында ишке ашат.**

- Административдик контролдук иштер
- Предметтик текшерүүлөр
- Окуучулардын чыгармачылык иштери

Иштин негизги көрсөткүчтөрүнүн бири - жыйынтыктоочу контролдун жыйынтыктары.

| **№** | **Класстар** | **I чейрек** | **II чейрек** | **III чейрек** | **IV чейрек** | **Динамика** |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **1** | **2-класс** | - | - | 30.7 | 32 | +1,3 |
| **2** | **3- класс** | 47,8 | 61.9 | 60 | 57.1 | +9,3 |
| **3** | **4- класс** | 25 | 35 | 28,5 | 38,09 | +13,09 |
| **4** | **5- класс** | 37,5 | 36.3 | 36.3 | 40,9 | +3,4 |
| **5** | **6- класс** | 25 | 27,7 | 35 | 35 | +10 |
| **6** | **7- класс** | 21,4 | 23 | 28,5 | 30,7 | +9,3 |
| **7** | **8- класс** | 23,5 | 23,5 | 23.5 | 23.5 | - |
| **8** | **9- класс** | 13,3 | 14,2 | 20 | 20 | +6,7 |
| **9** | **10-класс** | 13,3 | 23 | 27,2 | 30 | +16,7 |
| **10** | **Жыйынтыгы** | 27,7 | 32,6 | 33,1 | 35,3 | +7,6 |
| **11** | **Жылдык** | 35,3 % | | | | |

**2018-2019- окуу жылы аралыгында предметтик олимпиадаларга катышуу**

| № | Шаардык олимпиада | Шаардык деңгээлде | Областтык деңгээлде |
|---|---|---|---|
| **1** | Кыргыз тили (9-кл) | 2-орун | - |
| **2** | Орус тили (9-кл) | 3-орун | - |
| **3** | Физика (9-кл) | 3-орун | - |
| **4** | Тарых (9-кл) | 3-орун | - |
| **5** | Кыргыз тили (10-кл) | 1-орун | - |

## УСУЛДУК БИРИКМЕЛЕРДИН ИШТЕРИ

Биздин мектептин коллективи билим берүүдө инсанга багытталган педагогикалык, психологиялык багыттын негизинде иш алып барат. Мектепте 4 усулдук бирикме иш алып барды.

Билимдин башаты болгон башталгыч класстардын усулдук бирикмеси. Бул усулдук бирикме да өз кезегинде окуучулардын билим сапатын көтөрүүдө өз салымдарын кошуп, талыкпай эмгектеништи. Себеби баланын ой жүгүрүүсүн, көндүмдөрүн, дүйнөгө болгон кызыгуусун, дегеле мектепке болгон көз карашын калыптандырууда башталгыч класстын мугалимдеринин эмгеги, ишмердүүлүктөрү эң чоң роль ойнойт. Окуучулардын билим сапатын көтөрүү жана өз билимдерин өркүндөтүү максатында 72 сааттык көлөмдөгү курстан 3 жыл ичинде башталгыч класстын мугалимдери өтүп келишкен. 2015- жылдан баштап ЮСАИД « Бирге окуйбуз» долбоору менен иш алып барууда. Мугалимдер ЮСАИД программасы боюнча курстарга катышып, сертификаттарды алышкан.

Ата- энелердин жоопкерчилигин көтөрүү максатында ата- энелер менен бирдикте иш алынып баруу менен бирге 1-4- класстардын ар бир окуучунун ата-энелери менен мектептин директорунун ортосунда «Келишим» түзүлүп, окуучулардын өздүк делолоруна тиркелди. Андан сырткары ата- энелер менен бирдикте класстан тышкаркы иш чаралар өткөрүлдү. Ар жуманын ишемби күнү мугалимдер арасында семинар, сабактар өткөрүлүп, өз ара тажрыйба алмашышты. Ата- энелер менен байланыш күчөтүлүп, «Бирге окуйбуз», «Окурман достор», «Мен сабаттуу жаза алам» сабактары ата-энелердин катышуусунда өткөрүлдү.

Ар бир класста китеп банкы уюштурулуп, окуучулардын өздөрүнүн колдору менен китептер жасалып, китепканага коюлду. Андан сырткары ата-энелер демөөрчүлүк кылышып, окуучуларга тарбиялык мааниси зор жомок китептерди белекке беришти. Ушундай жетишкендиктер менен башталгыч класстардын усулдук бирикмесинин ишин жакшы деп эсептесек болот.

Гуманитардык багыттагы усулдук бирикменин мүчөлөрү: кыргыз тили жана адабияты мугалимдери, орус тили жана адабияты мугалими жана англис тили мугалими.Мектептеги көрүнүктүү эмгектери жана алгылыктуу иштери менен мактана алган усулдук бирикмелердин бири. Бирикменин мүчөлөрүнүн сабак өтүүдөгү алдына койгон максаттары:

1. Ар тараптуу өнүккөн илимдүү, билимдүү, тарбиялуу инсанды даярдап чыгаруу
2. Ар бир окуучунун талантын байкоо менен аларды туура жолго салуу
3. Окуучуга предметтердин ар бирин үйрөнүүдөгү негизги максатты туура түшүндүрүп жеткизүү

Жыл сайын декаданы ары жемиштүү, ары ийгиликтүү өткөрүшүп, эне тилибиз болгон кыргыз тилин, мамлекетибиздин официалдуу тили болгон орус тилин жана замандын талабына ылайык дүйнөлүк тил болгон англис тилин окутуп үйрөтүштү. Кыргыз тили мугалими Т.И.Рахманкулова эне тилин сүйүүгө, урматтоого дегеле өз тилибиздин кадыр-баркын көтөрүүгө себеп болду. Шаардык деңгээлде өткөрүлгөн "Манас таануу" сынагында 8-класстын окуучулары

1-орунду ээлешип, областтагы сынакка катышып келишти. Бул окуу жылында шаардык деңгээлде өткөрүлгөн предметтик олимпиадада окуучулар 1-2-орунду ээлешти. 10- класстын окуучусу областтык деңгээлдеги олимпиадага катышты.

Бүгүнкү илимдин, техниканын өнүккөн мезгилинде Эгемен Кыргызстан дүйнөнү өзү таанып, дүйнөгө өзүн таанытууга шарт түзүлүп жатат. Андыктан, жаш муундарыбыздын чет тилин үйрөнүүгө муктаждыгы күндөн күнгө өсүп жаткан учур. Ошол себептүү орус тили жана англис тили мугалимдери изденүү менен окуучунун кызыгуусун жоготуп албаш үчүн сабакты жаңы технологияларды пайдаланып, жаңы инновациялык усулдарды колдонуп, чыгармачылык менен өтүшүп, өз максаттарына жетишишти. “Англис тили жумалыгы” болуп, бул жумалыкты англис тили мугалими Н.Н.Алчынбаева уюштуруп жогорку деңгээлде өткөрдү. Англис тили мугалими окуучулардын арасында тилди өздөштүүрүсү боюнча билимин сыноо жана алардын тилге болгон кызыгуусун жогорулатуу максатында ар кандай тез ылдам ой жүгүртүү оюндарын уюштурду. Жалпы класстардын окуучуларынан программада көрсөтүлгөн тапшырмалардын жыйынтыгы алынды. Өз билимин жогорку деңгээлде көрсөткөн окуучуларга белек тапшырылды. Жумалыктардын өткөрүлүшү окуучулардын англис тилине болгон кызыгуусу жогорулатып,кызыгууларын арттырды.

Орус тили жумалыгы ийгиликтүү өтүлдү. Орус тили мугалими М.Ж.Абдуллаева интерактивдүү методдорду колдонуу менен ачык сабактарды өткөндүктөн окуучулардын орус тилин үйрөнүүгө болгон кызыгуусун арттырды. Жыйынтыгында ачык сабактрдын, жумалыктардын жыйынтыгы талкууланып, эң жакшы деп табылган сабактын план конспектиси буклет болуп чыгарылып, усулканага коюлуп, бирикменин иш кагаздары салынган папкаларга тиркелди.

Так илимдер жана химия,биология усулдук бирикмесинин темасы: “Таанып билүү ишмердүүлүгүн активдештирүү максатында математика, физика сабактарында окутуунун ар кандай ыкмаларын, формаларын колдонуу, окутуунун эффективдүүлүгүн камсыздоо жана ага жетишүү үчүн интерактивдүү усулдарды, заманбап технологияларды колдонуу.”

Так илимдердин падышасы болгон математика жана физика, химия, биология сабактарын окутууда мугалимдер эң жакшы болгон усулдарды колдонуп окуучулардын бул предметтерге болгон кызыгуусун арттырууда. Таанып билүү жөндөмдөрүн ишмердүүлүктөрүн өнүктүрүү максатында сабактын иштелмелерин жаңы багытта, замандын талабына ылайык иштеп чыгышып өздөрүнүн болгон мүмкүнчүлүктөрүн пайдаланышты. Шаардык деңгээлдеги олимпиадаларда, ар кандай конкурстарда ийгиликтерди жаратып мектептин намысын коргоп келишти. Декада өткөрүшүп ийгиликтүү жыйынтыкташты. Сабакты интерактивдүү методдорду колдонуу менен эффективдүүлүгүн жогорулатуу аракеттерин көрүп келишти. Кызыккан окуучулар менен өз алдынча иштерди жүргүзүшүп, тереңдетип окутуу максатында алгылыктуу иштерди алып барышты.

Тарых, көркөм өнөр, дене тарбия усулдук бирикме мүчөлөрү заманбап технологияларды колдонуу менен окуучулардын сабакка болгон кызыгуусун арттырышты. Ар кандай иш чараларды уюштуруп, окуучулар арасында диспуттар, конференция, викторина сабактар өтүлүп, окуучулардын билим сапатын жогорулатууда өз салымдарын кошуп келишти. Дене тарбия сабагынын мугалими Э.М.Маматназаров окуучулардын спортко болгон кызыгуусун ойготууда, спортту сүйүүгө тарбиялоодо жакшы эмгектерди жаратып келди. Окуучулар райондук, областтык деңгээлдеги спорттук иш чараларга активдүү катышып мектептин намысын коргоп келишти. Спартакиадаларда эң жакшы ийгиликтерге жетишип окуучулардын спортко болгон кызыгуулары артты. Сергек жашоо ден соолуктун булагы экенин эске алып өз иштеринде албан ийгиликтерди жаратышты. 23- февралда “Мекенди коргоо күнүнө” карата “Мен Мекендин коргоочусумун ” деген темада Майлуу- Суу шаардык аскердик бөлүмү тарабынан мектептер

арасында мелдеш өткөрүлдү. Мына ошол мелдеште окуучулар 3-орунду ээлеп келишти. Окуучулардын чыгармачылыгын өнүктүрүүдө, алардын тубаса таланттарын ачууда, көркөм чыгармачылыкка шыктандырууда мугалимдердин эмгектери алгылыктуу. Ар кандай шаардык деңгээлдеги иш чараларга, конкурстарга катышып, эң жакшы ийгиликтерди багынтып келишти.

2018-2019 окуу жылында апрель айында "Энелер мектеби- окуу тарбия процессинде ийгиликтин ачкычы" деген темада Майлуу-Суу шаарындагы №8 жалпы билим берүү орто мектебинде семинар болуп өттү.

Семинарга №8 жалпы билим берүү орто мектебинде окуган окуучулардын энелери, аялдар комитетинин төрайымы М.К.Умарова, Майлуу- Суу шаардык социалдык өнүктүрүү бөлүмүнүн адиси З.А.Мамутова , ШБББнүн башкы адиси Р.Ж.Акамбаева, Майлуу- Суу шаардык ички иштер бөлүмүнүн кызматкери Төлөгөн уулу Ш., шаардык мектептердин окуу тарбия иштери боюнча директордун орун басарлары, уюштуруучулар, соцпедагогдор катышты.

Семинардын ачылышында мектеп мүдүрү А.К. Мамырбаева тарабынан " Энелер мектебинин" максаты түшүндүрүлдү. Мектепте "Акпейил" Энелер мектеби түзүлүп, төрайымы С.И. Айдарова жана анын мүчөлөрү тарабынан иштер жүргүзүлүп жаткандыгы белгиленди. Семинарда энелер, окуучулар, мугалимдер жамааты менен биргеликте мастер класстар өткөрүлүп, энелер мектепке жакын болсо, тарбия жакшы болорун, тарбиянын башаты эне экени, энелер мектебин жандандыруу, энелерди мектепке тартуу, балдардын билимге болгон кызыгуусуна энелердин салым кошуусу, энелердин өз балдарынын эмнеге кызыкканын аныктоо,балдардын келечектеги кесип тандоосуна жардам берүү, мектеп турмушундагы көйгөйлөрдү өз көздөрү менен көрүп туюп сезүү, азыркы кылымдын ааламдаштыруу заманында ар бир инсанды ар тараптан өнүккөн, ой-жүгүртүүсү күчтүү, акыл- эстүү, сабырдуулукка, эмгекти сүйүүгө, мекенчилдикке тарбиялоо жагы көрсөтүлдү.

Семинардын жүрүшүндө 1-4- класстардын окуучулары жана энелери менен бирдикте " Бирге окуйбуз, шар окуйбуз" деген программалардын негизинде башталгыч класс мугалимдери Г.А.Ахмадалиева, Г.Т. Таирбекова жана Э.П. Парпибаева мастер класс өтүштү.

5-6-7- класстардын окуучулары жана энелери менен " Манас таануу" курсу боюнча кыргыз тили жана адабият мугалими Т.И.Рахманкулованын жетекчилиги астында сахналаштырылган көрүнүштөр көрсөтүлдү. Кош тилдүүлүк программасы камтылган чет тилдерин үйрөнүүдө орус тили жана адабияты мугалими М.Ж. Абдуллаева жана англис тили мугалими Н.Н. Алчынбаева китептин орду жана маанисине көнүл буруу менен , энелер жана окуучулар тарабынан жасалган китептердин топтомдору презентацияланды. Технология предметинин мугалими А.М. Бирюбаеванын жетекчилиги астында окуучулардын окуган адабий китептериндеги чыгармалардын каармандарынын сүрөттөрү сайма бетине түшүрүлүп, энелер менен бирдикте көрсөтүлдү.

" Бакубат үй-бүлө- мамлекеттин тиреги" , " Баланы туура тамактандыруу" деген темаларда 8-9-10- класстардын окуучулары жана энелери менен чогуу тарых мугалими Д.Ш.Усенбекова жана биология мугалими У. Сиябекова тарабынан мастер класс өткөрүлүп, практикалык иштер көрсөтүлдү.

Ошондой эле музыка мугалими Э.М. Маматназаров жетекчилиги астында " Поэзия ыргактары" деген аталышта энелерге арналган көркөм окуулар жана обондуу ырлар ырдалды.

Энелер өз ой пикирлерин ортого салуу менен баланы ар тараптуу өнүктүрүүдө, таланттарын, жөндөмдүүлүктөрүн ачууда мектеп менен биргеликте иш алып барылса, чоң жетишкендиктерге жана ийгиликтерге жол ачылаарын баса белгилешти.

Майлуу- Суу шаардык аялдар комитетинин төрайымы М.К.Умарова жана ШБББнүн башкы адиси Р.Ж. Акамбаева жана башка коноктор семинарды жыйынтыктоодо мектепте

өтүлгөн иш чара боюнча тажрыйбаны алмашып,башка мектептерге жайылтуу менен “Энелер мектебин” ачуу жагын сунушташып, бүгүнкү иш күнү пайдалуу да, жагымдуу да болгонун айтып өтүштү.






Welcome to
our English
Lesson
Көп окуган, көп билет
Улуу Манасчы
Саякбай Каралаевге 125 жыл


БОТУЛИЗМ ДЕГЕН ЭМНЕ



**ЖЫЙЫНТЫК**

1. №8 жалпы билим берүү орто мектеби коюлган милдеттерди тапшырмаларды өз убагында аткарат.

2. Билим берүү уюму мамлекеттик нормативдик базанын негизинде түзүлгөн. Билим берүү процессине катышуучулардын баарына талап кылынган шарттарды түзөт.

3. Окуучулардын дүйнө таанымын кенейтүү, сүйлөө кептерин өстүрүү максатында иш чаралар, конкурстар өтүлөт, жыйынтыктар чыгарылат, ийгиликтер белгиленет.

4. Окуучулардын жеке өсүшүн коомго калыптанышын камсыз кылат.

5. Мектепте билим алган баардык окуучуларга сапаттуу билим алуу укугун камсыздайт.

6. Мамлекеттин келечеги болгон окуучулардын сапаттуу билим алуусуна көмөк көрсөтүү максатында мугалимдер квалификацияларын жогорулатуу үчүн атайын курстардан өтүп турушат.

7. Билим берүү уюму квалификациялуу педагогдор менен камсыз болот.

8. Билим берүү уюму республикадагы бардык окуу жайлар, коомдук уюмдар, мамлекеттик уюмдар менен биргеликте иш алып барат.

9. Мектепте өзгөчө жөндөмдүү окуучулар менен иштөө активдештирилип, мугалимдер менен окуучунун байланышы күчөтүлүп, класс аралык мектеп аралык олимпиадалар өткөрүлөт.

10. Окуучулардын райондук, областык деңгээлдеги конкурстарга катышуусуна багыттар көрсөтүлүп, шыктандыруу максатында түшүндүрүү иштери жүргүзүлөт, шарттар түзүлөт жана кенен маалыматтар берилет.

11. Окуучуларды маданияттуу болууга акниет болууга, эркин ой жүгүртүүгө калыптандырат.

12. Ата-энелердин мектеп менен байланышын күчөтүү максатында окуучулар, мугалимдер жана ата-энелердин катышуусунда театр-форумдар, семинар сабактар өтүлөт, түшүндүрүү иштери жүргүзүлөт.

13. Коомдогу терс көрүнүштөрдүн таасирин алдын алуу максатында, тарбиялык мааниси зор семинар сабактар өтүлүп, докладдар окулуп социалдык педагог жана уюштуруучу тарабынан алдын алуу иштери жүргүзүлөт.

14. Мүмкүнчүлүгү чектелген балдар менен тыгыз байланышта иш алып барылып, дүйнөгө, коомго болгон көз караштарын калыптандыруу максатында колдоо аракеттери жүргүзүлөт.

15. Билим берүү уюму өз ишин талапка ылайык жүргүзөт.

**Мектеп директору:** **А.К.Мамырбаева**

**Майлуу- Суу шаардык билим берүү бөлүмү**

# 2019-2020- окуу жылында№8 жалпы билим берүү орто мектебинин өзүн-өзү баалоо отчету

**Майлуу- Суу шаары**

## 1. МЕКТЕПКЕ ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨ

- ❖ **Юридикалык жактын аталышы:** №8 жалпы билим берүү орто мектеби
- ❖ **Менчиктин түрү:**мамлекеттик
- ❖ Юридикалык жакты мамлекеттик кайра каттоо күбөлүктүн номуру: 90787-3303-У-е
- ❖ **ИНН:** 03007200210147
- ❖ **Жайгашкан жери:** Кыргыз Республикасы, Жалал- Абад областы, Майлуу-Суу шаары, К.Саматов көчөсү номуру жок.
- ❖ **Объектинин профили:** билим берүү мекемеси
- ❖ **1987-жылыорто мектепболупачылган.**
- ❖ **Объектинин иштөө режими:** аптада 6 күн (дүйшөмбү-ишемби) саат $8^{00}$-$18^{30}$ чейин.
- ❖ **Объектинин жайгашкан орду жөнүндө мүнөздөмө:**
    - Мектеп шаардын борборунан  1 км. алыстыкта жайгашкан.
    - Деңиз деңгээлинен 1300 метр бийиктикте жайгашкан.
    - Мектеп шаардын борборунда жайгашкан.
    - Мектептин айланасы  тосулган.
    - Мектепке кирүү жана чыгуу запастык эшиктери бар.

**Негизги штаттык бирдиктер:**

Мектеп администрациясы- 4:

- директор -1,
- директордун окуу-тарбия иштери боюнча орун басары -1,
- класстан жана мектептен тышкаркы иштердин уюштуруучусу -1,
- китепканачы -1.

(АЧД мугалими-1, соц.педагог-1, кружокжетекчилери- 8)

Педагогдор-15

Техкызматкерлер - 11

**Имараттардын саны жана имараттарга мүнөздөмө:**

**Имараттардын жалпы аянты:** 4121,7 $м^2$

- ❖ Мектеп типтүү, бир окуу корпусунан турат.

- Окуу корпусу 1987-жылы курулган. Фундаменти бетон, дубалдары кирпич, чатырынын конструкциясы жыгач, шифер менен жабылган. Мектеп борбордук жылытуу системасы менен жылытылат.
- Мектептин жалпы сыйымдуулугу 624окуучуга ылайыкталган.

Окуу кабинеттери- 23, мектеп администрациясынын кабинеттери- 3, усулкана-2, ашкана-1.

**1-11-класстардын окуучуларынын саны жана класс комплектиси:**

Окуучулар негизинен Майлуу- Суу шаарынын тургундарынын уул-кыздары.

- 1 – 4 - класстарда 83 окуучу
- 5 – 9- класстарда 101 окуучу
- 10-11- класстарда 19 окуучу

Жалпы: 203 ( эки жүз үч) окуучу.

Окуу жылдын башталышындагы класс комплекти- 11

- 1-4-класстарда 4 класс.
- 5-9-класстарда 5 класс.
- 10-11-класстарда 2 класс.

Класстарда орточо 20 окуучудан окушат.

- Даярдоо классында 18 бала тарбияланат.

**2. БАШКАРУУ ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ**

Мектепте билим берүү тармагындагы мамлекеттик саясаттын принциптери сакталат. Билим берүү процессинин максат жана милдеттери аныкталган, жарандардын жалпы орто билим алуусу камсыздалган. Окутуунун күнүмдүк түрү ишке ашырылат.

Окутуу мамлекеттик жана расмий тилдеринде жүргүзүлүп, бир сменада окутулат. Мекемени башкаруу жалпы билим берүүнүн сапаттуулугуна жана жеткиликтүүлүгүнө багытталган, өзүн-өзү башкаруу принциптеринин негизинде ишке ашырылат. Мектепти түздөн-түз башкаруу мектептин директору Мамырбаева Алтынбү Калыкеевна, окуу-тарбия иштери боюнча орун басары Алчынбаева Наима Надировна, класстан жана мектептен тышкаркы иштердин уюштуруучусу

Ирсалиева Жибек Абдимамытовна жана кесиптик уюмдун төрагасы Маматназаров Эргешбай Маматумарович тарабынан ишке ашырылат.

Бардык кызмат орундары үчүн кызматтык инструкциялар бар, билим берүү процессинин катышуучуларынын укук жана милдеттери бири-бири менен макулдашылган.

Билим берүүнү башкаруу алкагында мектепте камкорчулар кеңеши, педагогикалык кеңеш, ата-энелер комитети иш алып барат. Көптөгөн маселелер жалпы мектептик жана класстык ата-энелер чогулушунда, жалпы мектептин ата-энелер комитетинде, директор менен өткөрүлгөн кеңешмелерде, администрациялык кеңешмелерде ишке ашырылат, каралган маселелерди чечимдер тастыктайт. Балдардын жана өспүрүмдөрдүн ийгиликтүү социалдашуусун, өзүн-өзү өркүндөтүүсүн шарттоо максатында төмөнкүлөр иш алып барат:

- Психологиялык кызмат
- Социалдык кызмат
- Окуучулардын өз алдынча башкаруусу “Сейтек”, “Семетей”, “Манас” уюмдары
- ШИИБ
- Мектептин парламенти, ал өз кезегинде башка министрликтердин ишмердүүлүгүн көзөмөлдөйт:
- Тазалык министрлиги
- Маданият министрлиги
- Ден- соолук жана спорт министрлиги
- Билим берүү министрлиги

Мектептин алдына коюлган милдеттерди аткаруу үчүн, жеке эле ички ресурстар эмес, шаардын билим берүү процессине таасир этүүчү мүмкүнчүлүктөрү колдонулат. Мектеп ШИИБ, шаардык китепкана, шаардык балдар чыгармачылык үйү жана шаардык балдардын экология, край таануу, туризм жана техникалык чыгармачылык борбору менен тыгыз иш алып барат.

Мекемеде жалпы билим берүү жана окуучулардын контингентин сактоо тармагындагы КР мыйзамдары сакталат. Жынысы, улуту, тили, жашаган жери, тууган-уругу, динге мамилеси, көз караштары, коомдук уюмдарга кирип-кирбегендиги, жашы, ден-соолугу, социалдык, мүлктүк жана кызматтык абалына карабастан билим алуу мүмкүнчүлүгү камсыздалган. Жалпы билим алуудагы жарандардын укуктары тебеленген учурлар мектепте болгон эмес. Мектеп тарабынан окуучуларга жалпы билим берүү үчүн акы алынбайт.

Бул территорияда жашап жана тиешелүү деңгээлдеги билим алууга укуктуу болгон бардык жарандар мектепке кабыл алынат. Кабыл алуу учурунда администрация милдеттүү түрдө окуучуну жана ата-энесин мектептин Уставы жана жалпы билим берүү процессин уюштуруучу башка документтер менен тааныштырат. 1-класска 6, 7 жаштагы балдар кабыл алынат. Мектептен чыгарылган учурлар катталган эмес. Шаарда мектеп жашында болуп, бирок мектепке тартылбаган балдар жана өспүрүмдөр жок. Мектеп кесиптик багытталуу алкагында Кыргызстандын ЖОЖдору, Майлуу-Суу шаардык медколледжи, Майлуу-Суу шаардык кесиптик колледжи, Борбордук Азия колледжи жана №76 кесиптик лицей менен ийгиликтүү иш алып барат.

Азыркы учурда мектеп алдында түзүлгөн кеңеш, бирикмелердин реалдуу башкарууга катышуу үчүн ыйгарым укуктарына көңүл бөлүнүүдө. Алсак;
-педагогикалык кеңеш
-усулдук бирикме
-камкорчулар кеңеши
-билим берүү процессинин катышуучулары арасында тартышууларды чечүүчү конфликттик комиссияны уюштуруу
-профилактика кеңеши
-бирдиктүү маалыматтык базаны түзүү, бул учурда бардык катышуучулар арасында билим берүү мамилелердин жаңы системасына айлантуу
- окуучулардын кызыкчылыгын өнүктүрүүгө багытталган билим берүү программаларына жана ишмердүүлүктүн формаларына киришүү (социалдык өнөктөштүк проектилери)

## 3. МЕКТЕПТИН НЕГИЗГИ МАКСАТТАРЫ, АЙЫРМАЛООЧУ ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

№8 жалпы билим берүүорто мектебинин педагогикалык коллективи төмөнкү тема астында иш алып барат: Окуучулардын билим жана тарбия алуусунда жеке инсанга багытталган мамиле.

**Мектептин максаты:** Окуучуларга билим берүүдө жаңылануу багыттарын изилдөө, билим сапатын жогорулатуу, адептүү жана ыймандуу болууга тарбиялоо.

**Мектептин миссиясы:** “№8 жалпы билим берүү орто мектеби жалпы орто билим берүү мекеме болуу менен бирге башталгыч, негизги жана жалпы орто билимди тереңдетип берүүгө багытталат. Ата- энелер, коомчулук менен тыгыз байланышта иштөө менен азыркы коомдо натыйжалуу иштөөгө жөндөмдүү, руханий дүйнөсү бай, элдик маданиятты сүйгөн, жашоодо өз ордун таба билген, ар тараптуу өнүккөн инсанды тарбиялоо. Алган билимдерин турмушта, жашоодо туура пайдалана билүүгө үйрөтүү. ”

**Мектептин милдеттери:**

-Окуучуларга сапаттуу билим, татыктуу тарбия берүү.

-Заманбап билим берүү саясатынын негизинде, билим берүү ишмердүүлүгүнүн мазмунун жаңылоо.

- Окуучулардын билимге болгон кызыгуусун арттырып, ой- чабыттарын өстүрүүдө инновациялык усулдарды колдонуу.

-Өзгөчөлөнгөн таланттуу окуучулар менен иштешүү системасын түзүү.

-Комплекстүү психологиялык-педагогикалык, социалдык-медициналык кам көрүүнү уюштуруу.

-Билимдин сапаттуулугун жөнгө салуучу мектеп ичиндеги системаны толуктоо жана тактоо.

-Билим берүү процессинин бардык тармактарында информациялык-коммуникативдик технологияларды колдонуу.

- Билим берүүдөгү тарбия функциясын жогорулатуу үчүн маданият жана өндүрүш мекемелери менен байланышты күчөтүү.

**4. БИЛИМ БЕРҮҮ ИШМЕРДИГИНИН НЕГИЗГИ БАГЫТТАРЫ**

№8 жалпы билим берүү орто мектеби бардык нормативдерди аткарат: стандарттык нормативдерге жана эрежелерге жооп берет, санитардык-гигиеналык нормаларды аткарат, окуучулардын жана кызматкерлердин ден-соолугуна кам көрөт.

Уставга ылайык, жалпы орто билим берүүнүн 3 кадамы аркылуу мектеп ишмердигин аткарат:

-биринчи кадам-башталгыч билим берүү (кабыл алуунун нормативдик мөөнөтү- 4 жыл)

-экинчи кадам- негизги жалпы билим (кабыл алуунун нормативдик мөөнөтү- 5 жыл)

-үчүнчү кадам– жалпы орто билим (кабыл алуунун нормативдик мөөнөтү- 2 жыл)

Сабактардын жүгүртмөсү окуу планына дал келет. Окуу 5 күндүк болуп ишке ашырылды. Сабак 45 мүнөт өтүлөт. Окуучулар бир сменада окушат.

Окуу процессин уюштурууда сабактардын төмөнкү формалары колдонулат:

- сабактар,
- лекциялар,
- практикалык сабактар,
- консультациялар
- олимпиадалар,
- конкурстар,

- предметтик жумалыктар,

- ачык сабактар

**5. МЕКТЕПТИН МАТЕРИАЛДЫК- ТЕХНИКАЛЫК БАЗАСЫ ЖӨНҮНДӨ МААЛЫМАТ**

| № | **Группа 1** | **Бардыгы** **(**бар/жок) | Эскертүү |
|---|---|---|---|
| 1 | **Окуу кабинеттери:** | бар | |
| | Кыргыз тил | бар | |
| | Чет тили | бар | |
| | Орус тили | бар | |
| | Тарых | бар | |
| | Математика | бар | |
| | География | бар | |
| | Физика | бар | |
| | Биология | бар | |
| | Химия | бар | |
| | Компьютердик класс | бар | |
| 2 | Администрациянын бөлмөлөрү (директордун жана завучтардын бөлмөлөрү) | бар | |
| 3 | Ажааткана (ички) | бар | |
| 4 | Китепкана (китеп фонду/бирдиги) | бар | |
| | Китеп сактоочу жай, архив | бар | |
| | Китеп окуучу зал | бар | |
| 5 | Ылайыкташкан кааналар (лаборатория) | бар | Лаборатор. инвентар. сактоочу жайлар бар |
| | Химия | бар | |
| | Биология | бар | |
| | Физика | бар | |
| 6 | Спорттук аянтча | бар | |
| 7 | Ашкана | бар | |
| 8 | Эмгекке үйрөтүү кааналары | бар | |
| 9 | Актовый зал | бар | |
| | | | |
| **Жылуулук системасы** | | | |
| Борбордук жылытуу системасы | | Электр тогу, газ | |
| Мектептин имаратынын жалпы абалы (эң жакшы, жакшы, канааттандырарлык, начар) | | Канааттан-дырарлык | |
| Санитардык-эпидемиологиялык кызматынын жана өрт өчүрүү көзөмөлүнүн чыгарган жыйынтыгы | | Жакшы | |

**Мектептеги жабдуулар**

| **Ресустар** | **Бардыгы (да/нет)** | **Саны** |
|---|---|---|
| Окуучулар пайдаланган компьютерлердин саны | бар | 14 |
| Принтер | бар | 2 |
| Ксерекс | бар | 1 |
| Интернет | бар | 1 |

| | | |
|---|---|---|
| Магниттик доска | бар | 1 |
| Телевизор | бар | 3 |
| Муздаткыч | бар | 2 |
| Электр плита | бар | 2 |

Ар бир жаңы окуу жылынын башталышында кабинеттерге кезектеги ремонт иштери жүргүзүлөт жана демөөрчүлөр аркылуу окуу кабинеттери жасалгаланат. Ошондой эле ата-энелер фонду аркылуу класс кабинеттердин, ашкананынжана коридорлордун жарыктандыруу системалары алмаштырылып жана видео көзөмөл коюлду.

**6. КАДРДЫК КАМСЫЗДОО**

| Окуужылы | Мугалимдердин жалпы саны | Пенсия жашындагы мугалимдер | Жаш адис | КР ББжИ минстрлигинин ардак грамотасы | «Билм берүүнүн мыктысы » төш белгиси | КР президентинин ардак грамотасы |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 2019-2020-жж. | 17 | 7 | 4 | 2 | 2 | - |

**МУГАЛИМДЕРДИН ИШ НААМАСЫ БОЮНЧА САПАТТЫК КУРАМЫ**

| **Билими** | **2019-2020-окуужылы** |
|---|---|
| Жогорку | 12 |
| Бүтпөгөн жогорку | - |
| Атайын орто | 5 |

| **Педагогикалыкстажы** | **2019-2020-окуужылы** |
|---|---|
| 5 жылга чейин | 8 |
| 5-10 жыл | 1 |
| 10-15 жыл | - |
| 15 жана андан көп жыл | 8 |

Мектеп ишинин маанилүү багыттарынын бири мугалимдердин педагогикалык талантын өрчүтүү максатында квалификацияны жогорулатуучу курстарга катышып,педагогикалык ишмердүүлүктү үзгүлтүксүз өнүктүрүү, жогорулатуу эсептелет. Ал квалификациясын жогорулатуу курстарынан өтүү системасы аркылуу жүзөгө ашырылат. Бүгүнкү күндө мугалимдердин курамынын 60 % өз билимин жогорулатуу курстарынан өтүп келишти. Андан сырткары шаар ичинде ар кандай уюмдар тарабынан, шаардык билим берүү бөлүмү тарабынан уюштурулуп турган семинарларга, тренингдерге барып катышып да тажрыйба топтоп келип турушат. Курска катышкан педагогдордун санынын өсүшү- квалификацияны жогорулатуучу курстарга жиберүү графигин сактагандыгында. Көптөгөн мугалимдерге курстар абдан жакты.

Мектепте насаатчы мугалим менен иштешкен жаш кадрлар иштейт. Ар бир жаш мугалим бекитилген план боюнча иш алып барышат жана насаатчылар да план боюнча иш жүргүзүшөт. Окуу жылдын этегинде аткарган иши, мектепке кошкон салымы, жетишкендиктери, чыгармачылыгы, жаңылануу, топтогон тажрыйбасы боюнча маалымат берип келишет. Алардын жүргүзгөн иштерин насаатчылар текшерип, багыт көрсөтүп, колдоп турушат. Жаш мугалимдердин катары жыл сайын толукталып турат.

**7. КОНТИНГЕНТКЕ МҮНӨЗДӨМӨ, БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОЦЕССИНИН НАТЫЙЖАЛУУЛУГУ**

Педагогдордун башкы милдети- ар бир окуучунун ар тараптан өнүгүүсүнө жана индивидуалдуулугунун артышына салым кошуу болуп эсептелинет. Мектеп ишинин заманбап этабында, окутуунун негизги принциби болгон балдардын ички дүйнөсүнө, алардын кызыкчылык жана керектөөлөрүнө, руханий потенциалын байытууга көңүл бөлүнүүдө. Ар бир мугалим “ Таланты жок адам болбойт, бирок ошол талантты өзүнөн таап, өздөштүрүп кете албагандар көп” деген негиздеги өздүк жеке педагогикалык концепцияны тандайт.

Балдарды мектепке даяр болуусуна ата-энелер жана келечектеги 1-класстын мугалими кызыкдар. Муну менен катар бардык ата-энелер балдардын мектепке даярдануусуна көңүл бурушат. Курчап турган айлана-чөйрө тууралуу маалыматка ээ болбогон балдар мектепке келишет. Ошондуктан 5,6 жаштагы балдарды эртелеп өнүктүрүү максатында, бала бакчага барбаган балдар үчүн, «Наристе» программасы боюнча иштеген бир даярдоо классы ачылган.

Класстар боюнча балдардын алфавиттик тизмеги, окуучулардын өздүк делолору текшерилип, мектептин социалдык паспорту толтурулуп турулат. Жогорудагыларды ишке ашыруу мектеп ишинин жылдык планы боюнча ишке ашырылат.

**Билим берүү мекемеси тарабынан окуучуларга сунушталган кошумча шарттар**

| № | Ишмердүүлүк | Саны | Катышкан окуучулардын % |
|---|---|---|---|
| 1 | Спорттук ийримдер | 3 | 30 |
| 2 | Кол эмгек жана сүрөт | 1 | 25 |
| 3 | Музыка жана бий кружогу | 1 | 25 |
| 4 | Кызыкчылыктары /хоббиси боюнча сабактар | 4 | 60 |

**8. СОЦИАЛДЫК ӨНӨКТӨШТҮК**

**Билим берүү уюмун өнүктүрүү планын ишке ашыруу алкагында кызматташтык курулган өнөктөш уюмдар.**

Билим берүү уюмун жакшыртуу үчүн аткарылган өнөктөштүк проекттер, иш-аракеттер, демөөрчү болгондор көрсөтүлдү.

| | Проекттин, демөөрчү болгондор аталышы | Проекттин, демөөрчүлүктүн максаты | Ишке ашырылган жылы | Бюджети (эгер болсо) |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Демөөрчүлөр (20 жылдык) | Мектеп спорт залын оңдоп түзөө | 2020-ж. | 60000 |
| 4 | “Мерсико” долбоору, Жергиликтүү башкаруу өкүлчүлүгү | Мектептин 1-2-3-кабаттарындагы ажаатканаларды оңдоп түзөө иштери | 2019-2020-жж. | 666573<br>35000 |
| 5 | “Акпейил” ата-энелер фонду | Мектептин техникалык –материалдык базасын чыңдоо | 2019-2020-жж | 23750 |

2019-2020 окуу жылында мектептин ремонт иштери үчүн мамлекеттик бюджеттен 16051 сом бөлүнүп берилди.

**9. МЕКТЕПТЕГИ ОКУУЧУЛАРДЫН БИЛИМ САПАТЫ БОЮНЧА ЖЫЙЫНТЫК КӨРСӨТКҮЧҮ**

**2019-2020 окуу жылы боюнча окуу программасынын жана класстар боюнча билим сапатынын көрсөткүчүнүн отчёту**

Майлуу- Суу шаарындагы №8 жалпы билим берүү орто мектебинде 2019-2020-окуу жылында 1-2-3- чейрек окутуу салттуу, 4- чейрек дистанттык аралыктан окутуу түрүндө иш жүзүнө ашырылды. 221 окуучуга билим жана тарбия берүү менен 15 мугалим үзүрлүү эмгектенип өз билимдерин беришти. Мугалимдер кесиптик чеберчилигин жогорулатуунун үстүндө дайыма иштеп, чыгармачылык менен изденип, жаңыча ойло.Чейрек башында окуучулардын саны 221. Чейрек ичинде алардын ичинен 107 кыз, 114 уул бала. Мектепте окуган башка улуттагы балдардын саны 17. Алардын ичинен 10

окуучу өзбек улутундагылар, 1 окуучу казак улутундагы, 2 окуучу түрк, 2 окуучу дунган, 1 окуучу араб, 1 окуучу татар улутундагылар.

Даярдоо классына «Нариесте» мектепке чейинки балдарды даярдоо программасынында көрсөтүлгөн пландар боюнча сабактар өтүлдү. Жыл аралыгында окуу күнү 164 күндү түздү. Окуучулар 2020-жылдын 16- мартынан 21- мартына чейин КР ББИМ нин 2020-жылдын 14- мартындагы №282/1 буйругунун негизинде мөөнөтүнөн мурда каникулга таркатылды.

Мектепте 11 класс комплект бар. 4 усулдук бирикме иш алып барды.

Кыргыз тили жана адабияты мугалими П.Ы.Калмырзаева өз билимин өркүндөтүү үчүн областтык усулдук борборго атайын курска барып окуп, кесиптик чеберчилигин жогорулатып келди. Андан сырткары областтагы мектептер арасында USDA “Билим үчүн азык жана балдардын тамактануусу” долбоорунун алкагында сабаттуулукту жакшыртуу компоненти боюнча өтүлөн жана шаар ичинде мезгил мезгили менен мектептерде өтүлүп жаткан өз ара тажрыйба алмашуу семинарларга мугалимдер катышып, ишмердүүлүгүн жогорулатышты.

Окуу жыл аягында кырдаалга жараша 5-10-класстардагы окуучулар үчүн кезектеги класска көчүрүү сынактары болбой тургандыгы жөнүндөгү КРББИМ нин буйругунун негизинде сынактар өткөрүлбөдү. Ал эми 9-11-класстардын бүтүрүүчүлөрү үчүн Мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестация Убактылуу жободо көрсөтүлгөндөй өткөрүлдү. Анын жыйынтыгы боюнча 9-классты 18 окуучу, 11-классты 8 окуучу ийгиликтүү аяктап, 9-класстын окуучулары жалпы негизги билим туралуу күбөлүк, 11-класстын окуучулары негизги орто билим жөнүндөгү аттестат менен аякташты.

9- класстын бүтүрүүчүлөрүнөн 5 окуучу Майлуу-Суу шаарындагы колледждерге, 11-класстын бүтүрүүчүлөрүнөн 3 окуучу ЖТР боюнча тест тапшырышып, жакшы балл топтоо менен 2 окуучу Бишкек шаарындагы КУУда, 1 окуучу ОшМУ да окуп жатышат. 3 окуучу Майлуу- Суу шаарындагы медколледжге, 1 окуучу Майлуу-Суу колледжинде билим алышып, окууларын улантышууда.

2019-2020-окуу жылында жыл жыйынтыгында 1-11- класстардын окуучулардын саны 203, даярдоо классынын окуучулардын саны 18 болуп, жалпы саны 221 окуучу аяктады. Кызы- 107, эркеги- 114.

“ Эң жакшы” окугандар - 23, “жакшы” окугандар - 52.

1-4-класстардабилимсапаты - 61,9 %
5-9-класстардабилимсапаты – 28,2 %
10-11-класстардабилимсапаты – 42,1 %

**Жалпы билим сапаты - 41,4 %**

**ЖЫЙЫНТЫК**

1. №8 жалпы билим берүү орто мектеби коюлган милдеттерди тапшырмаларды өз убагында аткарат.

2. Билим берүү уюму мамлекеттик нормативдик базанын негизинде түзүлгөн. Билим берүү процессине катышуучулардын баарына талап кылынган шарттарды түзөт.

3. Окуучулардын дүйнө таанымын кенейтүү, сүйлөө кептерин өстүрүү максатында иш чаралар, конкурстар өтүлөт, жыйынтыктар чыгарылат, ийгиликтер белгиленет.

4. Окуучулардын жеке өсүшүн коомго калыптанышын камсыз кылат.

5. Мектепте билим алган баардык окуучуларга сапаттуу билим алуу укугун камсыздайт.

6. Мамлекеттин келечеги болгон окуучулардын сапаттуу билим алуусуна көмөк көрсөтүү максатында мугалимдер квалификацияларын жогорулатуу үчүн атайын курстардан өтүп турушат.

7. Билим берүү уюму квалификациялуу педагогдор менен камсыз болот.

8. Билим берүү уюму республикадагы бардык окуу жайлар, коомдук уюмдар, мамлекеттик уюмдар менен биргеликте иш алып барат.

9. Мектепте өзгөчө жөндөмдүү окуучулар менен иштөө активдештирилип, мугалимдер менен окуучунун байланышы күчөтүлүп, класс аралык мектеп аралык олимпиадалар өткөрүлөт.

10. Окуучулардын райондук, областык деңгээлдеги конкурстарга катышуусуна багыттар көрсөтүлүп, шыктандыруу максатында түшүндүрүү иштери жүргүзүлөт, шарттар түзүлөт жана кенен маалыматтар берилет.

11. Окуучуларды маданияттуу болууга акниет болууга, эркин ой жүгүртүүгө калыптандырат.

12. Ата-энелердин мектеп менен байланышын күчөтүү максатында окуучулар, мугалимдер жана ата-энелердин катышуусунда театр-форумдар, семинар сабактар өтүлөт, түшүндүрүү иштери жүргүзүлөт.

13. Коомдогу терс көрүнүштөрдүн таасирин алдын алуу максатында, тарбиялык мааниси зор семинар сабактар өтүлүп, докладдар окулуп социалдык педагог жана уюштуруучу тарабынан алдын алуу иштери жүргүзүлөт.

14. Мүмкүнчүлүгү чектелген балдар менен тыгыз байланышта иш алып барылып, дүйнөгө, коомго болгон көз караштарын калыптандыруу максатында колдоо аракеттери жүргүзүлөт,.

15. Билим берүү уюму өз ишин талапка ылайык жүргүзөт.

**Мектеп директору:** **А.К.Мамырбаева**

Майлуу- Суу шаардык билим берүү бөлүмү

# 2020-2021- окуу жылында №8 жалпы билим берүү орто мектебинин анализи

Майлуу- Суу шаары

## 1. МЕКТЕПКЕ ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨ

- **Юридикалык жактын аталышы:** №8 жалпы билим берүү орто мектеби
- **Менчиктин түрү:**мамлекеттик
- Юридикалык жакты мамлекеттик кайра каттоо күбөлүктүн номуру: 90787-3303-У-е
- **ИНН:** 03007200210147
- **Жайгашкан жери:** Кыргыз Республикасы, Жалал- Абад областы, Майлуу-Суу шаары, К.Саматов көчөсү номуру жок.
- **Объектинин профили:** билим берүү мекемеси
- **1987-жылы орто мектеп болуп ачылган.**
- **Объектинин иштөө режими:** аптада 5 күн (дүйшөмбү- жума) саат $8^{00}$-$18^{30}$ чейин.
- **Объектинин жайгашкан орду жөнүндө мүнөздөмө:**
  - Мектеп шаардын борборунан 1 км. алыстыкта жайгашкан.
  - Деңиз деңгээлинен 1300 метр бийиктикте жайгашкан.
  - Мектеп шаардын борборунда жайгашкан.
  - Мектептин айланасы тосулган.
  - Мектепке кирүү жана чыгуу запастык эшиктери бар.

**Негизги штаттык бирдиктер:**

Мектеп администрациясы - 4:

- директор -1,
- директордун окуу-тарбия иштери боюнча орун басары - 1,
- класстан жана мектептен тышкаркы иштердин уюштуруучусу -1,
- китепканачы -1.

(АЧД мугалими-1, соц.педагог-1, кружок жетекчилери- 6)

Педагогдор -15

Техкызматкерлер - 11

**Имараттардын саны жана имараттарга мүнөздөмө:**

**Имараттардын жалпы аянты:** 4121,7 $м^2$

- Мектеп типтүү, бир окуу корпусунан турат.

- Окуу корпусу 1987-жылы курулган. Фундаменти бетон, дубалдары кирпич, чатырынын конструкциясы жыгач, шифер менен жабылган. Мектеп борбордук жылытуу системасы менен жылытылат.
- Мектептин жалпы сыйымдуулугу 624 окуучуга ылайыкталган.

Окуу кабинеттери- 23, мектеп администрациясынын кабинеттери - 3, усулкана - 2, ашкана-1.

**1-11-класстардын окуучуларынын саны жана класс комплектиси:**

Окуучулар негизинен Майлуу- Суу шаарынын тургундарынын уул-кыздары.

- 1 – 4 - класстарда 100 окуучу
- 5 – 9 - класстарда 105 окуучу
- 10-11- класстарда 20 окуучу

Жалпы: 225 ( эки жүз жыйырма беш) окуучу.

Окуу жылдын башталышындагы класс комплекти- 11

- 1-4-класстарда 4 класс.
- 5-9-класстарда 5 класс.
- 10-11-класстарда 2 класс.

Класстарда орточо 20 окуучудан окушат.

- Даярдоо классында 18 бала тарбияланат.

## 2. БАШКАРУУ ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

Мектепте билим берүү тармагындагы мамлекеттик саясаттын принциптери сакталат. Билим берүү процессинин максат жана милдеттери аныкталган, жарандардын жалпы орто билим алуусу камсыздалган. Окутуунун күнүмдүк түрү ишке ашырылат.

- Окутуу мамлекеттик жана расмий тилдеринде жүргүзүлүп, бир сменада окутулат. Мекемени башкаруу жалпы билим берүүнүн сапаттуулугуна жана жеткиликтүүлүгүнө багытталган, өзүн-өзү башкаруу принциптеринин негизинде ишке ашырылат. Мектепти түздөн-түз башкаруу мектептин директору Мамырбаева Алтынбү Калыкеевна, окуу-тарбия иштери боюнча орун басары Алчынбаева Наима Надировна, класстан жана мектептен тышкаркы иштердин уюштурууучусу Бирюбаева Айгерим Маматжановна жана кесиптик уюмдун төрагасы Маматназаров Эргешбай Маматумарович тарабынан ишке ашырылат.

Бардык кызмат орундары үчүн кызматтык инструкциялар бар, билим берүү процессинин катышуучуларынын укук жана милдеттери бири-бири менен макулдашылган.

Билим берүүнү башкаруу алкагында мектепте камкорчулар кеңеши, педагогикалык кеңеш, ата-энелер комитети иш алып барат. Көптөгөн маселелер жалпы мектептик жана класстык ата-энелер чогулушунда, жалпы мектептин ата-энелер комитетинде, директор менен өткөрүлгөн кеңешмелерде, администрациялык кеңешмелерде ишке ашырылат, каралган маселелерди чечимдер тастыктайт. Балдардын жана өспүрүмдөрдүн ийгиликтүү социалдашуусун, өзүн-өзү өркүндөтүүсүн шарттоо максатында төмөнкүлөр иш алып барат:

- Психологиялык кызмат
- Социалдык кызмат
- Окуучулардын өз алдынча башкаруусу "Сейтек", "Семетей", "Манас" уюмдары
- ШБББ
- Мектептин парламенти, ал өз кезегинде башка министрликтердин ишмердүүлүгүн көзөмөлдөйт:
- Тазалык министрлиги
- Маданият министрлиги
- Ден- соолук жана спорт министрлиги
- Билим берүү министрлиги

Мектептин алдына коюлган милдеттерди аткаруу үчүн, жеке эле ички ресурстар эмес, шаардын билим берүү процессине таасир этүүчү мүмкүнчүлүктөрү колдонулат. Мектеп ШБББ, шаардык китепкана, шаардык балдар чыгармачылык үйү жана шаардык балдардын экология, крайй таануу, туризм жана техникалык чыгармачылык борбору менен тыгыз иш алып барат.

Мекемеде жалпы билим берүү жана окуучулардын контингентин сактоо тармагындагы КР мыйзамдары сакталат. Жынысы, улуту, тили, жашаган жери, тууган-уругу, динге мамилеси, көз караштары, коомдук уюмдарга кирип-кирбегендиги, жашы, ден-соолугу, социалдык, мүлктүк жана кызматтык абалына карабастан билим алуу мүмкүнчүлүгү камсыздалган. Жалпы билим алуудагы жарандардын укуктары тебеленген учурлар мектепте болгон эмес. Мектеп тарабынан окуучуларга жалпы билим берүү үчүн акы алынбайт. Бул территорияда жашап жана тиешелүү деңгээлдеги билим алууга укуктуу болгон бардык жарандар мектепке кабыл алынат. Кабыл алуу учурунда администрация милдеттүү түрдө окуучуну жана ата-энесин мектептин Уставы жана жалпы билим берүү процессин уюштуруучу башка документтер менен тааныштырат. 1-класска 6,7 жаштагы балдар кабыл алынат. Мектептен чыгарылган учурлар катталган эмес. Шаарда мектеп жашында болуп,

бирок мектепке тартылбаган балдар жана өспүрүмдөр жок. Мектеп кесиптик багытталуу алкагында Кыргызстандын ЖОЖдору, Майлуу-Суу шаардык медколледжи, Майлуу-Суу шаардык кесиптик колледжи, Борбордук Азия колледжи жана №76 кесиптик лицей менен ийгиликтүү иш алып барат.

Азыркы учурда мектеп алдында түзүлгөн кеңеш, бирикмелердин реалдуу башкарууга катышуу үчүн ыйгарым укуктарына көңүл бөлүнүүдө. Алсак;

- педагогикалык кеңеш
- усулдук бирикме
- камкорчулар кеңеши
- билим берүү процессинин катышуучулары арасында тартышууларды чечүүчү конфликттик комиссияны уюштуруу
- профилактика кеңеши
- бирдиктүү маалыматтык базаны түзүү, бул учурда бардык катышуучулар арасында билим берүү мамилелердин жаңы системасына айлантуу
- окуучулардын кызыкчылыгын өнүктүрүүгө багытталган билим берүү программаларына жана ишмердүүлүктүн формаларына киришүү (социалдык өнөктөштүк проектилери)

## 3. МЕКТЕПТИН НЕГИЗГИ МАКСАТТАРЫ, АЙЫРМАЛООЧУ ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

№8 жалпы билим берүү орто мектебинин педагогикалык коллективи төмөнкү тема астында иш алып барат: Окуучулардын билим жана тарбия алуусунда жеке инсанга багытталган мамиле.

**Мектептин максаты:** Окуучуларга билим берүүдө жаңылануу багыттарын изилдөө, билим сапатын жогорулатуу, адептүү жана ыймандуу болууга тарбиялоо.

**Мектептин миссиясы:** “№8 жалпы билим берүү орто мектеби жалпы орто билим берүү мекеме болуу менен бирге башталгыч, негизги жана жалпы орто билимди тереңдетип берүүгө багытталат. Ата- энелер, коомчулук менен тыгыз байланышта иштөө менен азыркы коомдо натыйжалуу иштөөгө жөндөмдүү, руханий дүйнөсү бай, элдик маданиятты сүйгөн, жашоодо өз ордун таба билген, ар тараптуу өнүккөн инсанды тарбиялоо. Алган билимдерин турмушта, жашоодо туура пайдалана билүүгө үйрөтүү. ”

**Мектептин милдеттери:**

- Окуучуларга сапаттуу билим, татыктуу тарбия берүү.
- Заманбап билим берүү саясатынын негизинде, билим берүү ишмердүүлүгүнүн мазмунун жаңылоо.
- Окуучулардын билимге болгон кызыгуусун арттырып, ой- чабыттарын өстүрүүдө инновациялык усулдарды колдонуу.

- Өзгөчөлөнгөн таланттуу окуучулар менен иштешүү системасын түзүү.
- Комплекстүү психологиялык-педагогикалык, социалдык-медициналык кам көрүүнү уюштуруу.
-Билимдин сапаттуулугун жөнгө салуучу мектеп ичиндеги системаны толуктоо жана тактоо.
-Билим берүү процессинин бардык тармактарында информациялык-коммуникативдик технологияларды колдонуу.
- Билим берүүдөгү тарбия функциясын жогорулатуу үчүн маданият жана өндүрүш мекемелери менен байланышты күчөтүү.

## 4. БИЛИМ БЕРҮҮ ИШМЕРДИГИНИН НЕГИЗГИ БАГЫТТАРЫ

№8 жалпы билим берүү орто мектеби бардык нормативдерди аткарат: стандарттык нормативдерге жана эрежелерге жооп берет, санитардык-гигиеналык нормаларды аткарат, окуучулардын жана кызматкерлердин ден-соолугуна кам көрөт.

Уставга ылайык, жалпы орто билим берүүнүн 3 кадамы аркылуу мектеп ишмердигин аткарат:
- биринчи кадам - башталгыч билим берүү (кабыл алуунун нормативдик мөөнөтү- 4 жыл)
-экинчи кадам- негизги жалпы билим (кабыл алуунун нормативдик мөөнөтү- 5 жыл)
-үчүнчү кадам– жалпы орто билим (кабыл алуунун нормативдик мөөнөтү- 2 жыл)

Сабактардын жүгүртмөсү окуу планына дал келет. Окуу 5 күндүк болуп ишке ашырылды. Сабак 45 мүнөт өтүлөт. Окуучулар бир сменада окушат.

Окуу процессин уюштурууда сабактардын төмөнкү формалары колдонулат:
- сабактар,
- лекциялар,
- практикалык сабактар,
- консультациялар,
- олимпиадалар,
- конкурстар,
- предметтикжумалыктар,
- ачыксабактар

**5.МЕКТЕПТИН МАТЕРИАЛДЫК - ТЕХНИКАЛЫК БАЗАСЫ ЖӨНҮНДӨ МААЛЫМАТ**

| № | **Группа 1** | **Бардыгы (**бар /жок) | Эскертүү |
|---|---|---|---|
| 1 | **Окуу кабинеттери:** | бар | |
| | Кыргыз тил | бар | |
| | Чет тили | бар | |
| | Орус тили | бар | |
| | Тарых | бар | |
| | Математика | бар | |
| | География | бар | |
| | Физика | бар | |
| | Биология | бар | |
| | Химия | бар | |
| | Компьютердик класс | бар | |
| 2 | Администрациянын бөлмөлөрү (директордун жана завучтардын бөлмөлөрү) | бар | |
| 3 | Ажааткана (ички) | бар | |
| 4 | Китепкана (китеп фонду/бирдиги) | бар | |
| | Китеп сактоочу жай, архив | бар | |
| | Китеп окуучу зал | бар | |
| 5 | Ылайыкташкан кааналар (лаборатория) | бар | Лаборатор. инвентар. сактоочу жайлар бар |
| | Химия | бар | |
| | Биология | бар | |
| | Физика | бар | |
| 6 | Спорттук аянтча | бар | |
| 7 | Ашкана | бар | |
| 8 | Эмгеккке үйрөтүү каанасы | бар | |
| 9 | Актовый зал | бар | |
| | | | |
| | **Жылуулук системасы** | | |
| | Борбордук жылытуу системасы | Электр тогу, газ | |
| | Мектептин имаратынын жалпы абалы (эң жакшы, жакшы, канааттандырарлык, начар) | Канааттан-дырарлык | |
| | Санитардык-эпидемиологиялык кызматынын жана өрт өчүрүү көзөмөлүнүн чыгарган жыйынтыгы | Жакшы | |

**Мектептеги жабдуулар**

| **Ресустар** | **Бардыгы (да/нет)** | **Саны** |
|---|---|---|
| Окуучулар пайдаланган компьютерлердин саны | бар | 14 |
| Принтер | бар | 2 |
| Ксерекс | бар | 1 |
| Интернет | бар | 1 |
| Магниттик доска | бар | 1 |
| Телевизор | бар | 3 |
| Муздаткыч | бар | 2 |
| Электр плита | бар | 2 |

Ар бир жаңы окуу жылынын башталышында кабинеттерге кезектеги ремонт иштери жүргүзүлөт жана демөөрчүлөр аркылуу окуу кабинеттери жасалгаланат. Ошондой эле ата-энелер фонду аркылуу класс кабинеттердин, ашкананын жана коридорлордун жарыктандыруу системалары алмаштырылып жана видео көзөмөл коюлду.

## 6. КАДРДЫК КАМСЫЗДОО

| Окуу жылы | Мугалимдердин жалпы саны | Пенсия жашындагы мугалимдер | Жаш адис | КР ББжИ минстрлигинин ардак грамотасы | «Билм берүүнүн мыктысы » төш белгиси | КР президентинин ардак грамотасы |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 2020-2021-жж. | 17 | 7 | 3 | 2 | 3 | - |

| **Билими** | **2020-2021-окуужылы** |
|---|---|
| Жогорку | 14 |
| Бүтпөгөн жогорку | - |
| Атайын орто | 3 |

## МУГАЛИМДЕРДИН ИШ НААМАСЫ БОЮНЧА САПАТТЫК КУРАМЫ

| **Педагогикалык стажы** | **2020-2021-окуу жылы** |
|---|---|
| 5 жылга чейин | 4 |
| 5-10 жыл | 4 |
| 10-15жыл | 1 |
| 15 жана андан көп жыл | 8 |

Мектеп ишинин маанилүү багыттарынын бири мугалимдердин педагогикалык талантын өрчүтүү максатында квалификацияны жогорулатуучу курстарга катышып, педагогикалык ишмердүүлүктү үзгүлтүксүз өнүктүрүү, жогорулатуу эсептелет. Ал квалификациясын жогорулатуу курстарынан өтүү системасы аркылуу жүзөгө ашырылат. Бүгүнкү күндө мугалимдердин курамынын 50 % өз билимин жогорулатуу курстарынан өтүп келишти. Андан сырткары шаар ичинде ар кандай уюмдар тарабынан, шаардык билим берүү бөлүмү тарабынан уюштурулуп турган семинарларга, тренингдерге барып катышып да тажрыйба топтоп келип турушат. Курска катышкан педагогдордун санынын өсүшү- квалификацияны жогорулатуучу курстарга жиберүү графигин сактагандыгында. Көптөгөн мугалимдерге курстар абдан жакты.

Мектепте насаатчы мугалим менен иштешкен жаш кадрлар иштейт. Ар бир жаш мугалим бекитилген план боюнча иш алып барышат жана насаатчылар да план боюнча иш жүргүзүшөт. Окуу жылдын этегинде аткарган иши, мектепке кошкон салымы, жетишкендиктери, чыгармачылыгы, жаңылануу, топтогон тажрыйбасы боюнча маалымат берип келишет. Алардын жүргүзгөн иштерин насаатчылар текшерип, багыт көрсөтүп, колдоп турушат. Жаш мугалимдердин катары жыл сайын толукталып турат.

## 7. КОНТИНГЕНТКЕ МҮНӨЗДӨМӨ, БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОЦЕССИНИН НАТЫЙЖАЛУУЛУГУ

Педагогдордун башкы милдети - ар бир окуучунун ар тараптан өнүгүүсүнө жана индивидуалдуулугунун артышына салым кошуу болуп эсептелинет. Мектеп ишинин заманбап этабында, окутуунун негизги принциби болгон балдардын ички дүйнөсүнө, алардын кызыкчылык жана керектөөлөрүнө, руханий потенциалын байытууга көңүл бөлүнүүдө. Ар бир мугалим “ Таланты жок адам болбойт, бирок ошол талантты өзүнөн таап, өздөштүрүп кете албагандар көп” деген негиздеги өздүк жеке педагогикалык концепцияны тандайт.

Балдарды мектепке даяр болуусуна ата-энелер жана келечектеги 1-класстын мугалими кызыкдар. Муну менен катар бардык ата-энелер балдардын мектепке даярдануусуна көңүл бурушат. Курчап турган айлана-чөйрө тууралуу маалыматка ээ болбогон балдар мектепке келишет. Ошондуктан 5,6 жаштагы балдарды эртелеп өнүктүрүү максатында, бала бакчага барбаган балдар үчүн, «Наристе» программасы боюнча иштеген бир даярдоо классы ачылган.

Класстар боюнча балдардын алфавиттик тизмеги, окуучулардын өздүк делолору текшерилип, мектептин социалдык паспорту толтурулуп турулат. Жогорудагыларды ишке ашыруу мектеп ишинин жылдык планы боюнча ишке ашырылат.

**Билим берүү мекемеси тарабынан окуучуларга сунушталган кошумча шарттар**

| № | Ишмердүүлүк | Саны | Катышкан окуучулардын %ы |
|---|---|---|---|
| 1 | Спорттук ийримдер | 3 | 30 |
| 2 | Кол эмгек жана сүрөт | 1 | 25 |
| 3 | Музыка жана бий кружогу | 1 | 25 |
| 4 | Кызыкчылыктары/хоббиси боюнча сабактар | 4 | 60 |

## 8. СОЦИАЛДЫК ӨНӨКТӨШТҮК

**Билим берүү уюмун өнүктүрүү планын ишке ашыруу алкагында кызматташтык курулган өнөктөш уюмдар.**

Билим берүү уюмун жакшыртуу үчүн аткарылган өнөктөштүк проекттер, иш-аракеттер, демөөрчү болгондор көрсөтүлдү.

| | Проекттин, демөөрчү болгондор, аталышы | Проекттин, демөөрчүлүктүн максаты | Ишке ашырылган жылы | Бюджети (эгер болсо) |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Демөөрчүлөр (20 жылдык) | Информатика кабинетин оңдоп түзөө | 2021-ж. | 10000 |
| 4 | Майлуу-Суу шаардык социалдык коргоо бөлүмү менен түзүлгөн долбоору | Мектептин сыртындагы спорт аянтчасын оңдоп түзөө иштери | 2020-2021-жж. | 21140 |
| 5 | Ата-энелер | Жарык берүү тармактарын жаңылоо, класс кабинеттерди оңдоп түзөө иштери | 2020-2021-жж | 45850 |

2020-2021 окуу жылында мектептин ремонт иштери үчүн мамлекеттик бюджеттен 15345 сом бөлүнүп берилди.

## 9. МЕКТЕПТЕГИ ОКУУЧУЛАРДЫН БИЛИМ САПАТЫ БОЮНЧА ЖЫЙЫНТЫК КӨРСӨТКҮЧҮ

### 2020-2021 окуу жылы боюнча окуу программасынын жана класстар боюнча билим сапатынын көрсөткүчүнүн отчёту

Майлуу- Суу шаарындагы №8 жалпы билим берүү орто мектебинде 2020-2021-окуу жылында 1-чейректе 1-класстын окуучуларын окутуу салттуу, 2-11-класстардын окуучуларын дистанттык аралыктан окутуу, 2-чейректе 1-9-11-класстардын окуучуларын окутуу салттуу, 2-11-класстардын окуучуларын дистанттык аралыктан окутуу,3-4-чейректерде 1-11-класстардын окуучуларын окутуу салттуу түрүндө иш жүзүнө ашырылды. 243 окуучуга билим жана тарбия берүү менен 17 мугалим үзүрлүү эмгектенип өз билимдерин беришти. Мугалимдер кесиптик чеберчилигин жогорулатуунун үстүндө дайыма иштеп, чыгармачылык менен изденип, жаңыча ойлоо менен иш алып барышты. Окуу жылынын башында окуучулардын саны 241. Окуу жылы аралыгында 29 окуучу келип, 27 окуучу кетти. Жыл аягында 243 окуучу болуп, алардын ичинен 107 кыз,136 уул бала.Мектепте окуган башка улуттагы балдардын саны 16 . Алардын ичинен 10 окуучу өзбек улутундагылар,2окуучу казак улутундагы, 2 окуучу түрк, 2 окуучу татар улутундагылар.

Даярдоо классына «Наристе» мектепке чейинки балдарды даярдоо программасынында көрсөтүлгөн пландар боюнча сабактар 18 окуучуга өтүлдү.Жыл аралыгында окуу күнү 169 күндү түздү.

Мектепте 12 класс комплект бар. 4 усулдук бирикме иш алып барды. Кыргыз Республикасындагы USAID дын “Окуу керемет!” долбоору 2020-жылдан баштап КРББИМ менен түзүлгөн меморандумдун негизинде №8 жалпы билим берүү орто мектеби иш алып барды. Бул долбоордун негизги максаты башталгыч класстардын окуучуларынын окуу жана математикалык көндүмдөрүн жакшыртуу, башталгыч класс мугалимдеринин кесиптик чеберчилигин жогорулатуу, коомчулуктагы өнөктөштөр менен биргеликте ата-энелерге, окуучуларга багытталган түрдүү иш чараларды өткөрүү болуп саналат. Башталгыч класс мугалимдери Г.А.Ахмадалиева, Э.П. Парпибаева, Г.Т. Таирбекова, Н.Т.Таирбекова долбоор боюнча уюштурулган тренингдерге, семинарларга,онлайн окуутуга катышуу менен өз билимдерин бекемдөөнүн үстүндө иш жүргүзүштү. 2020-2021-окуу жыл аралыгында физика мугалими Р.Бекиев, Б.У.Кушбакова жана У.Сиябекова өз билимин өркүндөтүү үчүн областтык усулдук борборго атайын курска барып, предметтик стандарт боюнча окуп, кесиптик чеберчилигин жогорулатып келишти. Андан сырткары областтагы мектептер арасында USDA “Билим үчүн азык жана балдардын тамактануусу” долбоорунун алкагында сабаттуулукту жакшыртуу компоненти боюнча өтүлгөн жана шаар ичинде мезгил мезгили менен мектептерде өтүлүп жаткан өз ара тажрыйба алмашуу семинарларга мугалимдер катышып, ишмердүүлүгүн жакшыртуунун үстүндө иш алып барышты. “Мерсико” уюму тарабынан башталгыч класстын окуучуларынын ата-энелерине семинарлар, тренингдер өтүлүп, баланы туура тамактандыруу, ата- энелердин өз балдарына кам көрүшү тууралуу маалыматтар берилип, окутуу иштери жүргүзүлүп, активдүү катышкан ата- энелерге белектер берилди.

2021-жылдын 28-майындагы №18/1 буйруктун негизинде 1-10-класстардын окуучулары кезектеги класстарга көчүрүлдү. Ал эми 9-11-класстардын бүтүрүүчүлөрү үчүн Мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестация Убактылуу жободо көрсөтүлгөндөй өткөрүлдү. Анын жыйынтыгы боюнча 9-классты 18 окуучу, 11-классты 9 окуучу ийгиликтүү аяктап, 9-класстын окуучулары жалпы негизги билим туралуу күбөлүк, 11-класстын окуучулары

негизги орто билим жөнүндөгү аттестат менен аякташты. 11-класстын бүтүрүүчүлөрүнөн 1 окуучу ЖТР боюнча тест тапшырды.

2020-2021-окуу жылында жыл жыйынтыгында 1-11- класстардын окуучулардын саны 225, даярдоо классынын окуучулардын саны 18 болуп, жалпы саны 243 окуучу аяктады. Кызы- 107, эркеги- 136. “ Эң жакшы” окугандар - 21, “жакшы” окугандар - 56.

1-4-класстардабилимсапаты - 54,1%

5-9-класстардабилимсапаты – 31,4%

10-11-класстардабилимсапаты – 25%

**Жалпы билим сапаты - 39,08%**

**Мектепте билим берүүнүн сапатын жогорулатуунун багыттары боюнча программаны ишке ашырууда 2020-2021-окуу жыл аралыгында жүргүзгөн иштер:**

1. Окуучулардын билим сапатын көтөрүүдө 2019-2020-окуу жылында аткарылган окуу тарбия иштеринин анализи жүргүзүлүп, 2020-2021-окуу жылынын милдеттери кабыл алынды.
   Мектептин милдеттери:
   - Окуучуларга сапаттуу билим, татыктуу тарбия берүү.
   - Заманбап билим берүү саясатынын негизинде, билим берүү ишмердүүлүгүнүн мазмунун жаңылоо.
   - Окуучулардын билимге болгон кызыгуусун арттырып, ой- чабыттарын өстүрүүдө инновациялык усулдарды колдонуу.
   - Өзгөчөлөнгөн таланттуу окуучулар менен иштешүү системасын түзүү.
   - Комплекстүү психологиялык-педагогикалык, социалдык-медициналык кам көрүүнү уюштуруу.
   - Билимдин сапаттуулугун жөнгө салуучу мектеп ичиндеги системаны толуктоо жана тактоо.
   - Билим берүү процессинин бардык тармактарында информациялык-коммуникативдик технологияларды колдонуу.
   - Билим берүүдөгү тарбия функциясын жогорулатуу үчүн маданият жана өндүрүш мекемелери менен байланышты күчөтүү.
   - Окуучуларга заманбап билим берүү окуучулардын дүйнө таанымын кеңейтүү, сүйлө кептерин өстүрүү максатында иш-чараларды, конкустарды, олимпиадага катыштыруу, жалпы республикалык, ар кандай сынак тесттерге катыштыруу, жыйынтыктар чыгарылып ийгиликтерди белгилөө.

   Чейрек сайын педагогикалык кеңеште окуучулардын билим сапаты боюнча көрсөткүчтөр белгиленип, ар бир предметтик мугалимдерге окуучулардын жөндөмүнө, талантына жараша ийримдерге катыштыруу, кошумча сабактарды өткөрүү, окутуунун ар ыкмаларын колдонуп, окуучуларды кызыктыруу милдеттендирилди.
2. Мектепте жалпы ата-энелер жыйналышы өткөрүлүп (2019-жылдын сентябрь айында) түшүндүрүү иштери жүргүзүлүп, ата-энелерге мажбурлап акча чогултууга тыюу салынган. Мектептин материалдык техникалык базасын чыңдоодо ата-энелер өз калоолору менен колдоо көрсөтүп турарын билдиришкен.

3. Мугалимдердин социалдык шартын жакшыртууда жергиликтүү бийлик тарабынан жардам көрсөтүлдү. Башталгыч класстын мугалими Э.П.Парпибаевага сырттан окуусуна контракт төлөнүп берилди. Мугалимдердин балдарын бала бакчада жайгаштырууга шарттар түзүлдү. Мугалимдер өз каалоолору менен өз билимин өркүндөтүү курстарына барып келишти.
4. Мектеп ишин уюштурууда мектеп администрациясы, мугалимдер жамааты, ата-энелер менен бирдикте мектеп ишин уюштуруу менеджменти боюнча семинар өтүлүп талкуу жүргүзүлдү.
5. Мектепте мектеп администрациясынын, мугалимдердин, кичи кызматкерлердин милдеттери жана жоопкерчиликтери (кызматтык инструкция б.а. функциялык милдеттери) боюнча тааныштырылып кол койдурулду.
6. Мектепте окуучулардын билим сапаты, сабактарга катышуусу, ар кандай коомдук иштерге катышуулары аныкталып, жыйынтыктыктар чыгарылып, ар жуманын биринчи күндөрү жалпы окуучуларга, мугалимдерге ачык маалыматтар берилет.Ал эми окуу тарбия процессинде жүргүзүлгөн иштер боюнча ар чейрек сайын ата-энелерге, коомчулуктун өкүлдөрүнө ачык маалыматтар берилди.
7. Мектепте ата-энелер, мугалимдер, окуучулар, жарандардын арызы, кайрылуулары, сунуштары каралып өз убагында жооп берилди.
8. Мектепте мугалимдер жамааты, кичи кызматкерлер, окуучулар этика кодексин окуп үйрөнүү менен жүрүм-турумунун белиленген нормаларын сактоо, тескери көрүнүштөрдү болтурбоого иш аракеттер жүргүзүлдү. Мектепте түзүлгөн этика комиссиясы тарабынан көзөмөлгө алынды.
9. Мектепте 5-10 жыл ичинде окуу тарбия процессинде коюлуучу талаптар:
    - окуучуларга заманбап билим берүүдө жаңы информациялык технологияларды колдоону,
    - интерактивдүү доска, аудио уктуруулар, компьютерлер менен камсыздоо жана иштөө
    - электрондук мугалим, электрондук окуучу, электрондук чөйрө, электрондук жазуулар, электрондук окуу китеби,
    - инновациалдык акылдуу мектеп моделин түзүү менен иш жүргүзүү.
10. Билим берүүнүн санариптик картасын түзүүдө: окуутуу тарбиялоо процесси боюнча ата-энелик көндүмдөрдү жакшыртуу үчүн заманбап маалыматтык коммуникациялык ыкмаларды киргизүү.
    - Мектеп бала бакча менен тыгыз байланышта болуу.
    - Мугалимдер өз кесиби боюнча билимин өркүндөтүү жаңы информациялык технологияларды колдоно билүү, компетенцияларын калыптандыруу
    -Мектептин материалдык-техникалык базасын чыңдоо
    -Мектепте окуучуларды окуу китеп менен камсыз кылуу, электрондук китепкана жана электрондук окуу китептерин базасын түзүү, предметтик стандарт, усулдук окуу китептер менен камсыздоо
    -Жалпы мектеп окуучуларына витаминдүү тамак аш ысык тамак менен камсыздоо
    -Окуучуларды олимпиадаларга жана ЖРТ тесттерге катыштыруу талдоо жүргүзүү.
    - Мектептин ички жана тышкы тазалыктарын санитардык гигиеналык талаптарга жооп бере ала тургандай деңгээлде кармоо. Мектепте окуучуларга техникалык коопсуздуктарын сактоо, жаратылыш кырсыктарынын, техногендик кырсыктарынан сактануунун жолдору түшүндүрүлүп, машыгуулар өткөрүлдү.

11. Мектепте класстардын рейтингин көтөрүүдө ар кандай багытта класстар аралык мелдештерди, конкурстарды, викториналарды өткөрүп туруу, чейрек сайын класстардагы окуучулардын билим сапатын салыштыруу динамикасын түзүү иштери жүргүзүлдү. 1-2- чейректин жыйынтыгынын негизинде 1-орун 4-класс, класс жетекчиси Г.А.Ахмадалиева, 2-орун 3- класс, класс жетекчиси Г.Т. Таирбекова, 3-орун 6-класс, класс жетекчиси М.Ж. Абдуллаева белгиленди. Мектепте чыгармачылык менен изденип иштеген мугалимдердин эмгеги бааланып, сыйлыктарга көрсөтүлдү.
12. Мектептеги мугалимдер бул окуу жыл аралыгында миссияны ишке ашырууда талыкпай эмгектеништи.
13. 2019- жылдан тартып мектепте санариптештирүү иштери жүргүзүлүп, компьютердик класска интернет менен туташтырууга даярдыктар көрүлүүдө.
14. Мугалимдер адистик чеберчилигин жогорулатууда ар кандай курстарга, семинарларга катышуу менен өз билимин жогорулатуунун үстүндө иштешти.
15. Устат-шакирт мектебинин планы түзүлүп, семинар өтүлүп, иштер жүргүзүлдү.
16. Мектепте насаатчы мугалимдердин жылдык планы түзүлүп, насаатчы мугалимдерге бекитилген жаш мугалимдерге өз убагында усулдук жардамдар берилди. Насаатчы мугалимдер: А.К. Мамырбаева, Т.И.Рахманкулова, Д.Ш.Усенбекова, У.Сиябекова ж.б., жаш мугалимдер: Э.П.Парпибаева, А.М.Бирюбаева, М.Ж.Абдуллаева, Г.А.Керимкулова.
17. Мектеп менеджментин уюштуруу боюнча “ Мектепти башкаруу жана окутуудагы менеджер” модулу боюнча курстардан мектеп администрациясы жана мугалимдер өтүшүп, мектепте семинар өтүлүп, мугалимдерге маалымат берилип, иштер жүргүзүлдү.
18. Биздин мектептин коллективи билим берүүдө инсанга багытталган педагогикалык, психологиялык багыттын негизинде иш алып барат. Мектепте 4 усулдук бирикме иш бар.

- Билимдин башаты болгон башталгыч класстардын усулдук бирикмеси. Усулдук бирикменин жетекчиси Г.А.Ахмадалиева. Бул усулдук бирикме да өз кезегинде окуучулардын билим сапатын көтөрүүдө өз салымдарын кошуп, талыкпай эмгектенишүүдө. Себеби баланын ой жүгүрүүсүн, көндүмдөрүн, дүйнөгө болгон кызыгуусун, дегеле мектепке болгон көз карашын калыптандырууда башталгыч класстын мугалимдеринин эмгеги, ишмердүүлүктөрү эң чоң роль ойнойт.
- Гуманитардык багыттагы усулдук бирикменин мүчөлөрү: кыргыз тили жана адабияты мугалимдери,орус тили жана адабияты мугалими жана англис тили мугалими. Усулдук бирикменин жетекчиси Н.Н.Алчынбаева. Мектептеги көрүнүктүү эмгектери жана алгылыктуу иштери менен мактана алган усулдук бирикмелердин бири. Бирикменин мүчөлөрүнүн сабак өтүүдөгү алдына койгон максаттары:

1. Ар тараптуу өнүккөн илимдүү, билимдүү, тарбиялуу инсанды даярдап чыгаруу
2. Ар бир окуучунун талантын байкоо менен аларды туура жолго салуу
3. Окуучуга предметтердин ар бирин үйрөнүүдөгү негизги максатты туура түшүндүрүп жеткизүү

- Так илимдер жана химия,биология усулдук бирикмесинин темасы: “Таанып билүү ишмердүүлүгүн активдештирүү максатында математика, физика сабактарында окутуунун ар кандай ыкмаларын, формаларын колдонуу, окутуунун эффективдүүлүгүн камсыздоо жана ага жетишүү үчүн интерактивдүү усулдарды, заманбап технологияларды колдонуу.”  Усулдук бирикменин жетекчиси У.Сиябекова.
  Так илимдердин падышасы болгон математика жана физика, химия, биология сабактарын окутууда мугалимдер эң жакшы болгон усулдарды колдонуп окуучулардын бул предметтерге  болгон кызыгуусун арттырышты. Таанып билүү жөндөмдөрүн  ишмердүүлүктөрүн  өнүктүрүү  максатында сабактын иштелмелерин жаңы багытта, замандын талабына ылайык иштеп чыгышып, өздөрүнүн болгон мүмкүнчүлүктөрүн  пайдаланышты.

- Тарых, көркөм өнөр, дене тарбия усулдук бирикме мүчөлөрү заманбап технологияларды колдонуу менен окуучулардын сабакка болгон кызыгуусун жогорулатуунун үстүндө иш алып барышты.. Ар кандай иш чараларды уюштуруп, окуучулар арасында диспуттар, конференция, викторина сабактар өтүлүп, окуучулардын билим сапатын жогорулатууда өз салымдарын кошуп келишти.

19. Мектепте тажрыйбалуу, өзгөчө идеяларга бай мугалимдер А.К. Мамырбаева, Г.А.Ахмадалиева, Т.И. Рахманкулова, Э.М.Маматназаров, алардын иш тажрыйбалары мугалимдер арасында жайылтылды.
20. Мектепте чыгармачылык менен иштеген мугалимдердин предметтик ачык сабактарынын жана класстан тышкаркы иштердин видео сабактарынын топтомдору түзүлдү.
21. Мектепте окуу тарбия процессинде жүргүзүлгөн иштер боюнча катышуусу жана жетишүүсү жогорку көрсөткүчтөртү берген класстар жумалык, чейректик, жарым жылдык жана бир жылдык жыйынтыктардын негизинде  ар тараптуу  үлгүлүү класстар аныкталып, окуу жылынын аягында жыйынтыкталды.
22. Мектеп сайты түзүлө элек.
23. Мектепте мугалимдер интернет булактарынан өздөрүнүн предметтери боюнча видео сабактарды, материалдарды издеп таап, окуучуларга көрсөтүү менен иштешти.
24. Мектепте жергиликтүү бийлик, демөөрчүлөр менен кызматташуу иштери жүргүзүлдү. Алар: Майлуу-Суу шаардык мэрия, Мэрсико уюму, ата-энелер тарабынан түзүлгөн “Акпейил” фонду ж.б.
25. Мектепте PISA эл аралык уюму тарабынан окуучулардын билим сапатын изилдөө, байкоого карата окуучуларга кошумча сабактар өтүлүп, тесттер алынып даярдыктар көрүлдү.
26. Мектепте окуучуларга шаар жетекчилиги жана коом өкүлдөрү менен биргеликте коомдогу терс көрүнүштөрдүн таасирин,кылмыштуулуктун, зомбулуктун, рекеттиктин, суициддин алдын  алуумаксатында жана жол коопсуздугу боюнча тарбиялык мааниси  зор семинар сабактар  өтүлүп,  докладдар  окулуп, социалдык педагог жана уюштуруучу тарабынан  алдын  алуу  иштери  жүргүзүлдү. Чейрек сайын балдардын коопсуздугу, ар кандай кылмыштуулукту алдын алуу үчүн маалыматтар берилип, кол койдурулуп, ата энелерге да жоопкерчилик жүктөлүп, балдардын коопсуздугуна кам көрүлдү.

27. Мектепте "Коррупцияны алдын алуу" максаты көздөлүп, мугалимдерге жана кичи кызматкерлерге, окуучуларга, ата-энелерге жыйындар өткөрүлүп, түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү. "Коррупцияны алдын алуу" боюнча жылдык план түзүлүп, план негизинде иш чаралар өтүлдү. Ишеним телефондор жазылган ишеним кутучасы илинген.

28. Балдар чыгармачылык борборунда мектептен 1 мугалим кошумча саат алып иштеп жана окуучулар барып ар кандай ийримдерге катышышты.

29. Мектепте мугалимдер, кичи кызматкерлер, окуучулар жөнүндө маалыматтар базалык системасына киргизилип, толукталды.

**ЖЫЙЫНТЫК**

1. №8 жалпы билим берүү орто мектеби коюлган милдеттерди тапшырмаларды өз убагында аткарат.
2. Билим берүү уюму мамлекеттик нормативдик базанын негизинде түзүлгөн. Билим берүү процессине катышуучулардын баарына талап кылынган шарттарды түзөт.
3. Окуучулардын дүйнө таанымын кенейтүү, сүйлөө кептерин өстүрүү максатында иш чаралар, конкурстар өтүлөт, жыйынтыктар чыгарылат, ийгиликтер белгиленет.
4. Окуучулардын жеке өсүшүн коомго калыптанышын камсыз кылат.
5. Мектепте билим алган бардык окуучуларга сапаттуу билим алуу укугун камсыздайт.
6. Мамлекеттин келечеги болгон окуучулардын сапаттуу билим алуусуна көмөк көрсөтүү максатында мугалимдер квалификацияларын жогорулатуу үчүн атайын курстардан өтүп турушат.
7. Билим берүү уюму квалификациялуу педагогдор менен камсыз болот.
8. Билим берүү уюму республикадагы бардык окуу жайлар, коомдук уюмдар, мамлекеттик уюмдар менен биргеликте иш алып барат.
9. Мектепте өзгөчө жөндөмдүү окуучулар менен иштөө активдештирилип, мугалимдер менен окуучунун байланышы күчөтүлүп, класс аралык мектеп аралык олимпиадалар өткөрүлөт.
10. Окуучулардын шаардык, областык деңгээлдеги конкурстарга катышуусуна багыттар көрсөтүлүп, шыктандыруу максатында түшүндүрүү иштери жүргүзүлөт, шарттар түзүлөт жана кенен маалыматтар берилет.
11. Окуучуларды маданияттуу болууга акниет болууга, эркин ой жүгүртүүгө калыптандырат.
12. Ата-энелердин мектеп менен байланышын күчөтүү максатында окуучулар, мугалимдер жана ата-энелердин катышуусунда театр-форумдар, семинар сабактар өтүлөт, түшүндүрүү иштери жүргүзүлөт.
13. Коомдогу терс көрүнүштөрдүн таасирин алдын алуу максатында, тарбиялык мааниси зор семинар сабактар өтүлүп, докладдар окулуп социалдык педагог жана уюштуруучу тарабынан алдын алуу иштери жүргүзүлөт.
14. Мүмкүнчүлүгү чектелген балдар менен тыгыз байланышта иш алып барылып, дүйнөгө, коомго болгон көз караштарын калыптандыруу максатында колдоо аракеттери жүргүзүлөт.
15. Билим берүү уюму өз ишин талапка ылайык жүргүзөт.

**Мектеп директору** **А.К.Мамырбаева**